Дастан Сарыгулов

# Теңирдин жолунан Адашкан Адам

(экинчи китеп)

2001 ж.

Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

29 IV 2024

Кант. тип. Зак. 2387–1000000

Дастан Сарыгулов

# Теңирдин жолунан Адашкан Адам

(экинчи китеп)

библиотека
№ 93707

Бишкек - 2001

ББК 84 Ки

С-20

Сарыгулов Д.

С-20 Теңирдин жолунан адашкан адам:

Экинчи китеп, Б.: 2001. - 138 б.

ISBN 9967-20-688-8

Кийинки үч жүз жыл убакыттын ичинде Адам баласы өнүгүү жолунда ар кандай коом түзүлүштөрүн турмушка ашырып көрдү: абсолютизм, монархизм, парламентаризм, марксизм, ленинизм, традиционализм, либерализм, социализм, ж.б.

Кайсы түзүлүш элдин талабына толук жооп бере алат? Жакшы турмушка жеткизет?

СССРды чанып, кандай абалга жеттик?

Өз жолубузду кантип табабыз? Чет өлкөлүктөрдүн кеңешинен чыкпай келатабыз, биз ошончо акылы кем эл болуп калдыкпы?

Эки жарым миң жыл кыргыздарды сактап келген Улуу күчкө кайрылып көрбөйлүкпү? Теңирчилик дагы да болсо каныбызда, салтыбызда, тилибизде сакталып турганын пайдаланбайлыкпы? Байыркы ата-бабаларыбыз калтырган руханий дөөлөткө таянбайлыбы деп кыска ой бөлүшүүнү камтыган чакан китепче.

С 4702300400-01
ISBN 9967-20-688-8

ББК 84 Ки
© Сарыгулов Д., 2001

# МАЗМУНУ:

I.
Адамды азгырып, алдап, адаштырган турмуш .................... 3
II.
СССР мамлекетинин кыйрашы: анын себептери, сабактары жана кесепети.............. 21
III.
Көз карандысыз мамлекеттер Шериктештигинин адашуусу .................... 47
IV.
Адамдын жан дүйнө абалы.................... 71
V.
Табигый жаратылышка төп келген көчмөн турмуштун улуу касиети жана таасири........... 89
VI.
Теңирчилик - кыргыздардын байыркы, ыйык руханий дөөлөтү....................109
VII.
Сөз аягы ....................127

# I.
# Адамды азгырып, алдап, адаштырган турмуш

Адамзаттын тарыхы - улам өз адашууларынан жарга такалып, кемчиликтерине алданганын чексиз азап көргөндөн кийин гана түшүнүп, оорчулуктарын моюну менен тартып, далай жоготууга учурап, көз жашын төккөндөн кийин гана туура жолго түшүүнүн оор сабактары экен.

Байыркы жана орто кылымдардагы миллиондогон адамдардын өмүрүн алган, жер, суу, бийлик, байлык талаштан чыккан далай кандуу чабыштар, элдерди кыргын кылган согуштар буга талашсыз далил болуп турат.

Бир эле диндин ичинен диний талаштар - католик менен протестанттардын, сүннит менен шииттердин, православиеде жаңы жана эски көз-караштагылардын (старообрядцы) ортосундагы келишпестиктер далайлаган жылдар узакка басылбаган согуштарды жаратып, бир топ кылымдардан бери бүгүн дагы токтобогон тирешүүлөргө алып келгени - **адамзат дагы да болсо өзүнүн адашууларынан, - кемчиликтеринен алыс кете алалбаганын, андан тийиштүү жыйынтык чыгарбаганын ачык-айкын көрсөтүп жатат.**

**Турмушту каалашынча бурмалап, күчкө салып, динге жана саясатка баш ийдирип, алдыбызга салып айдап алабыз деп Адам баласы экинчи миң жылдыкта кандай гана аракеттерди жүргүзбөдү. Бирок ал алданбай койду. Адамзаттын**



**өзүн азапка салды,ээсин оодарды, шайын кетирди.** Дүйнө жүзүн баш ийдирем деген фашизм өзү ойрон болду. Социализм куруп, жер жүзүнө коммунизм орнотом деген СССР мамлекети өзү быт-чыт болуп, бир кылымга жетпей тарап, эли болсо жакырчылыктын, кылмыштуулуктун, баңгиликтин, паракорлуктун сазына батты.

**Биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуштарга жана алардын кесепетин жоюуга жумшалган акча каражаттарынын көлөмү согушсуз эле урушкан элдердин турмушун жеңилдетип коймок.**

СССР башында турган социалисттик өлкөлөр менен АКШ мамлекети бириктирген капиталисттик өлкөлөрдүн кырк жылдан ашкан тирешүүсү эки тараптан нечен триллион доллар акча каражаттарын жөн эле асманга сапырттырып, чаңга айлантты.

Сан жеткиз мындай акчалар согушсуз эле канча жүз миллиондогон адамдардын муктаждыгын чечип, турмушун өйдөлөтпөйт беле!

**Илим-билимдин өсүп-өнүгүүсү, жетишкендиктери адам баласын дагы бир чоң адашууга алып келди.**

**Жаратылыштын сырларын ачып алдык, мыйзамдарын таап алдык, табиятты багындырабыз, Ааламда Адам эң бийик, ал баарынан өйдө деген терең ишеним өкүм сүрүп, акыры бул жолдо дагы кетирген көп каталарын**

**моюнга алып, Адам баласы азыр айласыз терең ойго чөгүп турган учуру.**

Илимде, чарба жүргүзүүдө адамзат көптөгөн катачылыктарга учурап, улам адашканын түшүнүп, кылымдар бою турмуштук зор тажрыйба топтоп келди.

**Коомго жана адамдардын өзүнө өзү тийгизген кесепети, алып келген азап-тозогу менен эң коркунучтуу адашуулары - дүйнөгө, адамга, адамдардын ортосундагы мамилелерге, дин жана илимге болгон көз-караштарына тиешелүү болуп келген жана болуп келатат.**

**Бул адашуулардын - каталардын себептери эмнеде? Ага ким күнөлүү? Аларды оңдошко адамзаттын алты-жети миң жыл убакыттын ичинде өзү топтогон азаптуу турмуш тажрыйбасы жетишпейби?**

**Же болбосо туура жолдон улам азгырып, адаштырып турган, адамдарга баш ийбеген кандайдыр бир сыйкырдуу күч барбы?**

**Муну менен эмне айтмакчымын?**

**Күн, Асман, Ай, Жер, Суу, Тоо баарына калыс, бирдей, тең. Улут-урууларды, жаш-карыны, бай-кедейди, падыша-дыйканды, аял-эркекти айырмалабайт, ылгабайт, бөлбөйт, жамандык кылбайт.**

**Ааламды, адамды, дүйнө жүзүн жараткан Кудурети Күчтүү Кудай өзүнүн буйругу менен**



**Асман, Аба, Ай, Жылдыз, Күн, Жер, Тоо, Токой, Сууну жан-жаныбардын баарына тең кылып жаратып койгону адамзатка үлгү болбойбу, Адал жолдон адаштырбаган Акылга айланбайбы?**

**Жараткандын Адал жолунан адашып, улам Арам жолго түшүп турган адам баласы өзүнөн башка буга кимди күнөлүү деп санашы керек?**

**Адамзаттын арылбаган адашууларына адам баласы жалгыз гана өзү күнөлүү экенин моюнуна албай коё алабы?**

Бүгүн Жер жүзүнө өз бийлигин жалгыз жүргүзгөнгө жетишкен АКШ мамлекети көмөктөш болгон беш-алты өлкө менен бирдикте дүйнө элдеринин баарына таңуулап жаткан, аларга гана ылайык болгон базар экономикасы менен демократиянын түрү кезектеги чоң адашууга айланбайт деп ким ишендирип, ким кепил боло алат?

Социализмге багыт алган СССР жана ага жамаатташ өлкөлөр эки миллиардга жакын калкына таянып, дүйнө жүзүнө коммунизм орнотобуз деген саясатты акча менен куралдын күчүнө таяды эле - аягы эмне болду?

Мындай болот деп ким ойлоду эле?

**Диндин башында тургандар, эл башында жүргөндөр, саясий партияларды жана мамлекеттерди жетектеген адамдар туура жолдон**

**адашса - бул элдин шору, азабы, көз жашы, арманы, муңу, кыйылган өмүрлөрү.**

Фашисттик Германиянын башчылары 50 миллион адамды кырып, канча өлкөнү талкалап, өрттөштү.

Вьетнам, Афганистан, Алжир, Африка элдеринин кагышуулары, кечээнкү Югославиядагы, бүгүнкү Чеченстандагы кандуу уруштар 30 миллиондон ашык адамдын өмүрүн кыйып, канча триллион доллар зыянга учуратканы Адам дагы да болсо акылына келбей жатканын ырастайт.

Табигый жаратылышка жырткычтык менен мамиле кылган адам баласы өз колу менен өзүнүн өмүрүн кыйып, балдарынын келечегине балта чаап жатканын алигиче түшүнгүсү келбейт. Түшүнсө да – кайдыгерлик кылат.

Жер жүзүндөгү абанын, суунун, жердин, деңиздердин булганышы адам өмүрүнө коркунуч туудурган абалга жетип калды.

Кийинки эле кырк жылдын ичинде адам Арал деңизин соолутуп жок кылды. Жайлоолорду чаң басты, саздар кургатылды, айдоолорду камыш каптап, шор басты, бугу, аюу жүргөн жерлерге турак жайлар курулду, токойлор кыйылып, таштандылар үйүлдү...

Ата-бабаларыбыз укпаган, билбеген нечен шумдук оорулар пайда болду (СПИД, радиация, рак ж.б.), жер жүзүн бангилик, сойкулук, кылмыштуулук сел жүргөндөй каптап баратат.



**Кылымга созулган зор адашуулар илимий көз-караштарга, маселен: марксизм, диалектикалык жана тарыхый материализм, капитализм, атеизм ж.б.у.с. жаралып, аларга негизделген.**

**СССРдин кыйрашы бул илимий окууларды турмуш өзү четке кагып, кабыл албаганын далилдеди.**

Капитализм чирип жок болот, улуттар жоюлуп, совет эли курулат, өнүккөн социализмге жеттик, кудай жок, адамдардын тагдырын класстык сезим гана чечет ж.б.у.с. көптөгөн илимий мыйзам менен "негизделген" көз-караштар жалган чыкканына кийинки он жылдагы турмуштук тажрыйбабыз күбө болду.

Албетте, адамзаттын Улуу ойчул-акылмандарынын осуяттарын кийинки улантуучулары бирде толук түшүнбөстүктөн, бирде жеке кызыкчылыктарын көздөп, бийлик, байлык талашуунун айынан бурмалап, бузуп, элдерди ээрчитип, туура жолунан адаштырган учурлар болбой койгон эмес.

Улуу Зароастр, Будда, Христос, Мухаммед пайгамбарлар өз осуяттарын калтырганда окуучулары кийин бөлүнүп, жарылып, кан төгүүгө чейин барышаарын билип коюшуптурбу.

Чыңгыз хан, Аксак Темир ж.б. падыша-пенделердин тукумдары бири-бирин өлтүрүп, кырып, аталары кашыктап чогултуп курган империяларын

чакалап чачып ысырaптаганын айтпай эле койсок болоор.

**Бирок, чоң адашууларда жалаң эле мамлекет, дин же партия жетекчилерин күнөлөгөнүбүз акыйкаттыкка жатпаас. Себеби, калың эл ишенип, ээрчип, аларды колдоп, таяныч болуп беришпесе ким гана жогорку бийликте болбосун, көз-карашын, тилегин, эңсегенин турмушка ашыра алмак эмес.**

**Ушуга байланыштуу, ар бир тетири, тескери жолго түшкөндө негизги күнөөнү көпчүлүк, коом өзүнүн моюнуна алыш керек.**

**Өзгөчө, XX кылымдын аягында, жер жүзүндө укуктук, жарандык, коомдор үстөмдүк кылып, кандар-падышалар, партия-кыймылдарынын чексиз жеке бийлиги (маселен, КПСС бийлиги) оздукталып, эл пикири парламент же өкмөттүк эмес уюмдар аркылуу салмактуу күчкө айланып турган учурда ар бир адамдын добушу,сөзү, таасири жол берилген каталарда сезимдүү орунга ээ болгонун кантип талаша алабыз!**

Демек, кандай гана илимий окууларга шылтоо жасалбасын, кандай гана кооз чакырык-ураандар айтылбасын (консенсус, плюрализм, альтернатива, айкындуулук ж.б.), кандай гана алтын келечек, жыргал турмуштун убадасы берилбесин - көпчүлүк, жалпы журтчулук аларга оңой эле ишене бербестен, өз



акылы, турмуштук тажрыйбасы, эң негизгиси - ата-бабаларыбыз 2,5 миң жыл узак тарых жолунда топтогон осуяттарына таянып, бүтүм чыгаруусу абзел.

Ушуга келгенде эмнеге ишенип, кандай азгыруу болбосун - алданбай, кантип акылдан адашпай, кайсы акыйкатты бекем кармап турушубуз керек?

Эң өнүккөн жети-сегиз өлкөнү алсак: алардын бараткан жолу туура жолбу? Адамгерчилиги өйдө, пейили кенен, ыйманы таза, адептүүлүгү бийик, кайрымдуу, ырайымдуу, элдери бактылуубу?- деген суроолор ойго келбей койбойт.

Баңгилик, сойкулук, кылмыштуулук, СПИД оорусу, коомдо баарынан бийик - акча бааланганы, ата-энелерин, балдарын бакпай, таштап кете бергени - ушул "жетишкендиктери" бизге келип, улутубуздун руханий өзөгүн курута баштаганына макул болобузбу? Унчукпай, дудуктай болуп тура беребизби? **Биздин эңсеп, тилегенибиз ушулбу?**

**Курсагыбыз тоюп, кийимибиз бүтөлсө - улуттук дөөлөтүбүздү, жүзүбүздү, ыйманыбызды, абийирибизди, намысыбызды улуу Ата-Бабаларыбыздын арбактарын кошуп - баарын сатып, бай өлкөлөргө кул болуп, дилибизден, салтыбыздан, тилибизден ажырап калганга макулбузбу? Улут катары курут болгонго да даярбызбы? Курсагы ток, кийими бүтүн, бирок улутунан кечкен руханий майып, батыш**

**өлкөлөрдүн кулу, алардын малайы болгонго барабызбы?**

Эртеңки күнүбүз, балдарыбыздын келечеги кандай болот? Алар кул болуп, кыздарыбыз күң болуп, кол жоолукка айланабы? Балдарыбызды бактылуу кыла албасак - анда биз эмнеге жашап жатабыз? Ушул абалыбызды билип турган ата-энелерибиздин арбактарын тозокко салып жатканыбызды качан түшүнөбүз? Же биз түбөлүк жашап, арбактарга кошулбайбызбы?

Байланыш-маалымат каражаттарынын өсүшү дүйнө жүзүн жөргөмүштүн торундай чырмады.

Жети-сегиз өлкөнүн башчылары акча жана курал күчүнө таянып, байланыш-маалымат электрондук каражаттары аркылуу, биздин тагдырыбызды өзгөрткөн чечимдерин бир чай кайнатым убакытта ишке ашырган мүмкүнчүлүккө жетишти.

**Глобализация, же болбосо - дүйнө жүзүндөгү мамлекеттердин, элдердин тагдырлары, жолдору бир кыл арканга өрүлүп, ажыратылгыс биригип калган заманга XXI кылым баарыбызды алып келди.**

Бул глобализация (дүйнөлөштүрүү) көрүнүшү кандай деңгээлде **элибиздин тагдырын бөлөк өлкөлөрдүн колуна өткөзүп берди, кайсы деңгээли өзүбүздүн колубузда калды?**

Ушул суроолорго жооп берерден мурда, **Мезгил жана Тарыхтын он-он беш жыл эле мурун чыгарган калыс, адилет өкүмүнө учкай көңүл буруп кетсек.**



Бул өкүмдөн жалаң эле биз, мурдагы Совет элдери гана эмес, жалпы адамзат сабак алса ашыктык кылбас. Себеби СССРды колдоп, ээрчип, анын этегин кармап, саясатына көмөктөш болгон жүздөн ашык өлкөлөр, эки миллиардга жакын адамдардын бүгүнкү абалы, түйшүгү ошону талап кылат.

СССР кыйрагандан кийин Прибалтика өлкөлөрүнөн башка ким алдыга жылып, жыргап кетти? Кимдер мактанаарлык ийгиликтерге жетишти?

**Тарыхта Улуу чындыкты эч ким жаап, жашыра алган эмес: КПСС БК, анын Саясий Бюросу 250 миллион элин алдап келсе да (20 жылдын ичинде коммунизмге жетебиз деп ж.б.) Мезгилди, Турмушту алдай алган эмес.**

Коммунизм курмак түгүл, өз айласын таппай, далбас куруп, эки-үч жылда чакчелекей болуп жоголду.

Мына, кийинки эле он жылдын убактысында КМШ жетекчилери рынок экономикасын кантип куруп, кандай демократияга алып келишкенин КМШ элдеринин басымдуу көпчүлүгү көзү менен көрүп, моюну менен тартып жатат.

Сан жеткис Программалар, мыйзамдар, указдар, жыйындар, чакырык-убадалар көпчүлүк күткөн жыйынтык берип, алдыга сезимдүү жылыш алып келбеди.

Базар экономика, демократия багыбызды ачып, бакыбат турмушка жеткизип, элибизди жыргатат деген чакырууларга ишенип, завод-фабрикаларды, колхоз-совхоздорду менчиктештирип, шайлоонун артынан шайлоо, референдум өткөрүп олтуруп бүгүнкү абалга келип олтурабыз.

Мончолор, суу түтүкчөлөр, жолдор, көпүрөлөр, бала-бакча, окуу жай, ооруканалардын абалы алдыга жылбай, артка кетти.

Маданият тармагы, улуттук руханий дөөлөттөр көңүлдөн чыгып, унутулгансып баратат.

**Батыштын таасири, кийим-кече, тамак-ашы, уят-сыйы жок шалактаган ыр-бийлери, канга толгон кино тасмалары, адамгерчиликсиз, ыймансыз адам мамилелери (паракорлук, алдамай, калп айтмай, зомбулук, зөөкүрдүк ж.б.), элибиздин улуттук өзгөчөлүктөрүнө, жерибиздин шарттарына ылайыксыз батыш мамлекеттеринин мыйзамдары кеңири жайылып, бышкан эгинге жабылган өрттөй элибизди каптап, кара түтүнүнө ыштап келатат.**

Кыргызстанды бир миллиард үч жүз миллион доллар (же болбосо 70 миллиард сомго жакын) акчага карыз кылган Эл аралык валюта фонду (МВФ) канча жылдан бери өзүнүн буйруктары аркылуу элибиздин, мамлекетибиздин тагдырын каалаган жагына буруп келатканын ким тана алат? Ушинтип олтуруп кандай абалга келдик? Бизди эртең эмне күтүп турат?



**Саны отуздан ашкан партиялар, жүздөгөн коомдук уюмдар, бирикмелер ушуга окшогон суроолорго жооп издебейби? Жол көрсөтүп, оңолуп кетүүнүн айласын таппайбы?**

**Же элибиздин кыйналган турмушу аларга тийбей, алардан алыс болуп кете берет деп ойлошобу? Көпчүлүктүн сугу аларга өтпөйбү?**

**Каргышы тийбейби? Кусуру урбайбы?**

Ушунун баары кезектеги адашуулардын белгиси, акыл-эсиңерге келбейсиңерби деген эскертүүсү болуп жүрбөсүн?

**Көпчүлүктү алдаса болот. Бирок Мезгилди, Турмушту эч ким алдай алган эмес. Мезгил эч кимге, падышалардын, байлардын баарысын кошкондо да баш ийген эмес, алардан дайыма өйдө туруп, калыс, адилет өкүмүн чыгарып келген жана чыгара берет. Мезгилдин өкүмү - бул Жараткан Кудурети Күчтүү Кудайдын өкүмү десек жаңылыштык болбостур. Себеби Мезгил Жаратқандан башка эч кимге, эч нерсеге көз каранды эмес.**

**Тескерисинче, убакыт өткөн сайын тынбай өзгөрүлүп турган адамзат гана эмес, Жер, Асман, Суу, Ай, Күн, Аалам Мезгилге баш ийип, баарын жараткан Кудайдын буйругунан чыгып кете албай келатканына эки жүз миллион жылдан ашкан Жердин тарыхы далил.**

Таласская областная библиотека
Инв. № 93707

**XXI кылымдагы ар бир адашуунун кесепети оор. Биринчиден, жер жүзүндөгү адамдардын саны алты миллиарддан ашты. Демек, башчылардын каталары алты миллиард жолу кайталанып, өсүп турганын унутпашыбыз керек.**

Экинчиден, илим менен техника, өнөр жайдын өсүп, жетишкени ар бир адамдын күчүн, таасирин, мүмкүнчүлүгүн миң эсе көбөйтүп, катасын дагы ошондой оорчулукка көтөргөн заман келди.

***

Коом турмушунан жеке турмушка кайрылсак, мында да азгырылып, алданбаган пенде болбостур.

**Кыз-келиндер жаштыгына, сулуулугуна алданат. Жигиттер дене күчүнө, ден-соолугуна алданат. Кызматчылар бийлигине, дөөлөтүнө алданат. Башчылар - бийлигине, байлыгына алданат. Ишкерлер - колдогон ага-жезделерине, эже-жеңелерине, Жараткан жолун ачып койгонго алданат. Байлык, бийлик, дөөлөт, мээнет, ийгилик, бакыт, кумар, илээндилик, жалкоолук, ачуулануу, шоктук, өнөр, кырсык - баары адамды шайтандай азгырып, адал жолунан адаштырганга аракеттенип турушат.**

**Азгырылбайм, адашпайм деген адам Ыйманга таянып, Уят, Намыс, Адеп, Абийир, Убал, Сооп, Кесир, Адал, Арам, Калыс, Бата, Арман, Керез, Ажал, Эл,Журт, Мекен, Каргыш, Буйрук,**



**Тагдыр, Арбак, Кудай деген түбөлүктүү, Ыйык, Улуу, өлбөс-өчпөс, Адамды айбандан алыстаткан түшүнүктөрдү баарынан өйдө коюп, аларга баш ийип, жеке кызыкчылыгын алардан төмөн коюп, ач-көздүгүн, ичи тарлыгын, көралбастыгын, кошоматчылыгын, көпкөндүгүн, чиренгендигин, текеберчилигин, кесирлигин, менменсингендигин башын көтөртпөй басып, колдон келсе - жок кылганга аракеттениши керек экен.**

**Адам мүнөзүндөгү оздукталбаган, тизгинделбеген, жоюлбаган терс көрүнүштөр Азапты жаратып, Күндүн, Жердин, Суунун, Асман, Абанын калыстыгын, баарына теңдигин жөөлөп, омуроолоп, тоотпогон мамиле - түшүнүк-сезимге алып келип, Акылга көнбөгөндү акыры азапка көндүргөн сабак болуп жатканын күндө Турмуш өзү миңдеген окуя аркылуу далилдеп келатат.**

Түнкү Асманга чачырап толуп, андан ашып төгүлүп жайнаган сан жетпес жылдыздар бир ордунан жылбай козголбогон Алтын казык жылдызын айлангандай, **Адам дагы турмуштун миң түркүн адаштырган, чексиз азгырууларына алданбайын десе өз өмүрүн Ыйманга - бул дүйнөнүн Алтын казыгына бекем байлашы керек.**

**Ыйман - адам баласы көрө албаган, колу менен кармап, акылы менен түшүнүп, жете албаган, жоктон бар кылып, бардан**

**жок кылган, баарын жаратып кыймылдаткан, жандууларга жанын берип - алган, денеси жок, чеги жок, сыйкырдуу, ыйык, таза, түбөлүк, Мезгилди да чуркатып токтото алган Кудайга, баарына Калыс, Тең болгон үчүн байыркы ата-бабаларыбыз сыйынып, атын айтпай, тергеген Теңирге толук берилип, ишенүү дегенди билдирет.**

**Жараткан Теңирдин Адал жолунан адашпайын деген Адам, ар бир оюн, сөзүн, тилегин, максатын, кадамын, кыймыл-аракетин өмүрүнүн Алтын Казыгына - Ыйманга кырк өрүм кыл аркан болгон Ыймандуулук менен бекем байлаганга ниет кылып, жанын урса.**

Пендечиликтен Ыймандуулукка чакырып, бийик көтөрүп, Арамдыктан сактаган Улуу, түбү жок Адамгерчилик касиет - сапаттар: жөнөкөй, карапайым, кичи пейил, мээнеткеч, сылык болуу. Боорукердик, ырайымдуулук, мээримдүүлүк, адептүүлүк, уят, ызат, намысты сактоо. Абийирин таза кармап, көралбастык, ичи тарлык, эки жүздүүлүк, калп айтып, ушак таратуудан алыс болуу, адилеттүүлүк, калыстык, кечиримдүүлүк, акыйкат, чынчыл, Адал жүрүү.

Дүнүйөгө берилбей, дененин кулу, кара курсактын малайы болбой, кекиртектин илеписин тыйып, өзүмчүлдүккө багынбай, **жеке кызыкчылыгын көпчүлүккө баш ийдирип, Элге, журтка адал эмгек кылып, өмүрүн сөз жүзүндө эмес, иш жүзүндө улутуна арнаган - Ыймандуулуктун белгиси.**

**Улуттук - руханий дөөлөт, өнөр, адамкерчиликти камтыган элдик адат-салттарды кармап, сактап, жайылтуу, улут алдында атуулдук парзды аткаруу - булар дагы Жараткандын жолунан адаштырбай кармаган зор күч.**

Ички дүйнөнү турмуштун ышынан тазалап, агартып турган таасирдүү тазалагычтар - **Арбактар, Ата-Эне, жакын адамдардын бейиттери, жетим-жесирлердин көз жашы, карылардын арманы, жакырлардын азабы, Теңирдин жолунан адашкандардын бекер жашаган жылдары, дыйкандардын, усталардын маңдай тери, Энелердин ак сүтү, тилеги, батасы, Мекендин жери, суусу, абасы.**

Түбөлүк кеткен адам менен кош айтышып, кайгырып турганында акыркы сөзү угулгансыйт: Мен жиберген каталарды кайталабагыла, мен баалабай өтүп кеткенимдин баркына жеткиле, Акыл-эстүүлүк кылып, турмушка алданбагыла, **Ыймандуулукту кечип, аттабагыла. Теңирдин жолунан адашпагыла, дүйнөгө түркүк болгон эч ким жок, акыры силер да бизге кошуласыңар, керээзимди унутпай, кемчилигимди кечирип, арбагымды эскерип жүргүлө...**

...Мен түбөлүк тынчып, жайымы таптым. Элиме кылалбаган жакшылыкты силер кылгыла. Мекениме бере албаган сүйүүмдү силер бергиле. Улутубузду урматтап, элди сыйлагыла. Пендечиликке берилбей, Арам жолго түшпөгүлө. Ал баары бир өзүңөрдү да, балдарыңарды да жакшылыкка алып барбайт...

**Буларды аткаруу - тирүүлөрдүн алдында гана эмес, арбактардын, Жараткандын алдында силерге жүктөлгөн ыйык милдет, адамдык парз, жашооңордун негизги максаты...**

Ошол үчүн ар бир кайрылгыс жоготуу - Ыйманга, Теңирге чакыруу, тазалануу, жүрөктү ойготуу, бул дүйнөдө баары жалган, бүдөмүк, бир эле чындык - Ажал келсе кете берүүнү эскертүү...

Өмүр - адамгерчиликтин сыноосу турбайбы.



# II.
# СССР мамлекетинин кыйрашы: анын себептери, сабактары жана кесепети

1970-1980-жылдары СССР мамлекетинин экономикасында да, саясий коомдук турмушунда да орчундуу чечилбеген маселелер көбөйө баштады.

Бул маселелерди иликтеп, өз убагында чечүүнүн ордуна, нечен миңдеген "коом илимдеринин окумуштуулары", изилдөө институт-академиялары **чындыкты айта албай, кошоматчылык кылып, жеке кызыкчылыктарын көздөп, КПСС жетекчилерин жок жерден мактап, "өнүккөн" социализмди куруп койдук деп** дүйнөгө жар салып, чуулдашты.

Биринен бири ашып картайып, алжыган КПСС жетекчилери бири-бирине алтын жылдыз тагышып, ой-аракеттеринин баарын бийликти колдон чыгарбай, бекем кармап турууга жумшап, **КПССтен да, СССР мамлекетинен да өздөрүнүн жеке кызыкчылыктарын өйдө коюп туруп алышты.**

Жыл өткөн сайын экономика натыйжалуулугун жогото баштап, чыгымдары көбөйүп, пайдасы азайып, өндүрүлгөн буюмдардын сапаты төмөндөп, сатылбай кампаларда үйүлө баштады.

Жер байлыгынын эсебинен, СССР элдеринин муктаждыгы мунайзат, газды, кийин казнадагы үч миң тонна алтынды сыртка сатуу аркылуу канаттандырылып турду.

Көп улуттуу союз элинин арасында бийликтин адилетсиздиги күчөп, тымызын наразычылык көбөйө



баштады. Кайсы республика, шаар, район болбосун партия уюмунун экинчи катчысы дайыма орус калкынан дайындалганы мыйзамдуу көрүнүшкө айланды.

Бирок, СССРдин кыйрашына негизги бир гана себеп болду.

Ал себеп: КПСС жана мамлекеттин жетекчилери жыл өткөн сайын **турмуштан улам алыстаган, илимий, саясий адашуулардан жаралган көз-караш, ой-пикирлерин акчанын, аскер куралдын күчүнө таянып, жалаң СССРдин аймагында гана эмес, жер жүзүнө таңуулап, таратуу аракеттерин жүргүзүп туруп алганы.**

**Империализм урайт. Социализм, коммунизм бүткүл дүйнө жүзүндө жеңет. Кудай жок, диндердин баарын жоготуш керек. Улуттар бара-бара жоюлат. Алардын салт-адаттары, маданияты эскиликтин белгилери. Демек талкаланышы керек. Бириккен совет улуту курулат. Ушул максаттарга жетиш үчүн керек болсо миллиондогон адамдарды курмандыкка чалганга барыш керек деген адашуу саясаты акыры КПССтин да, СССРдин да өз башын жутту.**

Жөнөкөйлөштүрүп айтканда, **СССРдин жетекчилери эки жүз элүү миллион совет элин адамга, коомго, улуттарга, дүйнө жүзүндөгү өлкөлөргө, жалпы адамзаттын өнүгүү жолуна**

**туура эмес көз-караш, багыттарга ишендирип ээрчитип, Адал иштеринен Арам иштери көп болуп кеткенинен кыйрады.**

**Партия жетекчилери эскинин баарын түбүнө чейин талкалап, урандысына жаңыны курабыз деп, адам жана элдин кызыкчылыгын КПССтин тышкы саясатына баш ийдирип, Убал, Сооп, Кесир деген түшүнүктөрдү уккусу, билгиси келбей, 1950-1960-жылдардагы ийгиликтерге мас болуп, башы айланып, манчыркап, көөп, алжып, мамлекеттин идеологиясын тетир жолго салып, аягында өз айласын таппай жок болушту.**

**Албетте, капиталисттик өлкөлөрдүн кылдаттык, терең акылмандык, өтө чоң - нечен жүз миллиард доллар акча каражат менен каржыланган СССРды жоготууга багытталган саясаты анын талкаланышына түрткү болду.**

Бул кылдаттык жана акылмандык менен ишке ашырылган саясаттын өзөгүн КПСС, СССРдын кемчиликтерин апыртып, ашыра жаман көрсөтүп, Батышты мактап, көкөлөтүп көккө көтөрүп, эл арасында болгон нааразычылыкты эбин таап пайдаланып, базар экономика, демократия, айкындуулукту өздөштүрсөңөр - жыргап, байып, өзүңөргө өзүңөр ээ болосуңар деген алдамчылык түздү.



Бул чакырыктарга азгырылып ишенген эл КПСС жана Совет бийлигине далын тосуп, таяныч болбой койду.

Бирок, адамзаттын өнүгүү жолунда СССР мамлекетинин тажрыйбасы, анын дүйнө жүзүнө берген жакшы таасирлери, капиталисттик өлкөлөрдү өзүнүн терс жактарын жоюуга түрткү болуп, техника жана саясий илимдеринин өнүгүүсүнө кошкон үлүшү өтө чоң бааланышы күмөнсүз жана талашсыз.

Дагы да болсо, СССРди жамандоо, ага тиешеси жок күнөөлөрдү коюу, а түгүл бүгүнкү күндөгү терс көрүнүштөрдү СССРдин таасири, залакасы деп түшүндүрүп, актануу адаттан калбай келатат.

Чындыкты бурмалабай, түс айтсак, **адамзаттын тарыхында биринчи социалистттик мамлекет - СССР, кыска мөөнөттүн ичинде миң жылдар бою жеке менчик мүлк жана базар экономикасы менен жашап келаткан өлкөлөр жете албаган бийиктикке жете алды.**

СССРдин экономикасынын, өнөр жай жана илимий даражасына, элге билим берүү, саламаттыкты сактоо, аскер куралдарын өндүрүү, дене-тарбия жана спорт багыттарындагы **ийгиликтерине алигиче жүздөгөн капиталисттик өлкөлөр жете албай келатышат.**

Дүйнөдө биринчи спутник, биринчи космонавт, биринчи атомдук муз жаргыч кеме дагы көптөгөн адам

тарыхында биринчи жетишкендиктер бекеринен СССРде жаралбаганы талаш туудурбастыр.

Ошого карабастан, СССР кыйрап, таркап, жок болду. Жакшы эле өнүгүп келаткан СССР кайсы жерден жолунан адашып алды?

* * *

Башкысы, экономикасы кризиске учурап калганы үчүн СССР талкаланды деген пикир жалган, совет элин алдоо үчүн Батыш жана Батыштын акырынан жем жеп, ырын ырдагандар тараптан айтылып келгенин баса белгилөө керек.

***Биринчи.*** "Кайра куруучулар" (мезгил кийин буларды кыйратып, талкалоочулар деп аныктады) Горбачев баш болуп бийликке келе электе **СССРдин тышкы карызы жок болчу**. Алардын "жемиштүү" келжиректеринин натыйжасында СССРдын 1988-жылы тышкы карызы пайда болуп, 42 миллиард долларды түздү.

***Экинчи.*** Айыл чарба, өнөр-жай, илим, билим ж.б. тармактар толук кандуу иштеп, 250 миллион совет калкын негизинен жумуш менен камсыз кылып, эмгек маянасын өз убагында төлөп, акысыз орто жана жогорку окуу жайларында билим берип, пенсия, пособиелерди кечиктирбей элге жеткизип турган. Жылына жаңы жолдор, заводдор, мектептер, бала-бакчалар, турак-жайлар, ооруканалар курулуп, ишке киргизилип келген.



***Үчүнчү.*** Азыркы КМШ аймагындагыдай жумушсуздук, жакырчылык, 6-8 ай кечиктирилип берген айлык, пенсия СССРда болгон эмес. СССР рублинин туруктуу күчү болгон.

***Төртүнчү.*** СССР кыйрагандан кийин көз-карандысыз мамлекеттеринин басымдуу көпчүлүгү он жылдан бери "демократтардын" жетекчилиги алдында **СССРдин "кризиске учураган" экономикасынын тапкан-ташыгандарын жеп, тоноп, бүлдүрүп, түбүнө дагы жеталбай келатат.**

Бирок, СССРдин экономикасы соңку тарыхында "кеселге" учурай баштаганын танууга болбойт. Ал "кеселден" көзүн таап, акыл-эстүүлүк менен тез арада эл чарбасын айыктырып алса болот эле. Буга Кытай өлкөсүндөгү Дэн-Сяо-Пиндин жетекчилигинде жүргүзүлгөн реформалар күбө.

Бул ажалсыз "кеселдин" негизги белгилери төмөнкү эле:

**- Ашыгы менен борборлоштурулган, буйрук менен гана жашаган, өтө чыгымдуу, бирок натыйжалуулугу төмөн, адамга керектүүлөрдөн алыс, чарба мыйзамдарына баш ийбей, саясатка төө басты болгон, тез өзгөрүүлөрдү кабыл албаган, жону жоор, такасы түшкөн арык атка окшош экономика болучу.**

Такасын жаңыртып, бир ай жайлоого чыгарып оңоп алуунун ордуна аны союп, жеп алгандай болдук.

***

СССР мамлекетинин көп жетишкендерине баа берип, кемчиликтерин да эстен чыгарбай, анын **зор, бирок өтө кымбат баа менен тапкан тажрыйбасынан мурдагы Совет эли гана эмес, жалпы адамзат тиешелүү жыйынтык чыгарып, сабак албаса өзүн-өзү азапка дагы сала берчүдөй.**

***Биринчи жыйынтык.***

**Адамда жан жок, анын денесинин муктаждыгын гана канаттандырылышы адамдын турмушка болгон мамилесин, көз карашын чечет деген материалисттик, класстык ишенич большевиктердин башкы адашууларынын бири болгон.**

**«Жан деген болбойт» деп айткандан кийин, адамдын жан дүйнөсү да жок деп түшүнүп, анын сөөгү, эти, териси гана бар дегендей тайкы көз карашка таянып, дин өкүлдөрүн камап, атып, чиркөөлөрдү өрттөп, бузуп, аткана, кампа кылган саясаты жүргүзүлдү.**

***Экинчи.***

XIX-XX кылымдарда илимдин жетишкендиктери адамдын жашоо шартын түп тамырынан бери өзгөртүп, **илимге болгон ишеничти баарынан өйдө көтөрүп, илимий мыйзамдар табылса - Ааламды да адамдын баш ийдирчү күчү бар деген көпкөндүккө алып келип, марксизм-ленинизмдин мыйзамдары кыйшаюсуз турмушка ашат деген ири адашууну туудурду.**

Жаратылыштын сыры Тынч океандай болсо, адамдын ачкан мыйзамдары араң эле чай чынынын жарымына жетти. Демек, илимге дагы ишенип, алданбаш керек. Эмне дегенде жаратылыштын сырларын адам эч качан толук ачалбайт.

**Коомдук илимдер тез эле КПССтин жүргүзгөн саясатынын кулуна айланып, капитализм чирип жок болот, 20 жылда коммунизм курулат, өнүккөн социализмди куруп бүттүк ж.б.у.с. дөөпөрөс бүтүмдөрүн "мыйзам" түрүндө "далилдеп" берип турушту.**

***Үчүнчү.***

**Өткөн-кеткендердин баарын эскилик деп жамандап, ага каршы күрөшкөн менен КПСС өзү жаңыны таап куралган жок.** Элдердин миң жыл турмуш тажрыйбасынын сыноосунан өткөн адамгерчилик касиеттерди, өзүнө сиңирген каада-салттарды жамандап, жоюш керек, жоготуш керек деп жатып, КПССи да, СССРи да өзү жок болду.

***Төртүнчү.***

Бириккен совет элин курабыз деп, **КПСС көп улуттарга каршы адашкан саясат жүргүзгөнү арам иш болуп, максатына жеткизген жок.** Мисалы, көчмөн элдердин тарыхын бурмалап, бир беткей мүнөздөп, жамандаганы, орус улутун, орус

мамлекетин көтөрмөлөп, даңазалаганы калыстык болбоду.

I-V кылымдардагы Таштык маданияты, VII-IX кылымдардагы Орхон-Енисей кол жазмалары Кыргыз улутуна таандык экендиги айтылбай, жаап жашырылды.

Улуу ойчул - акындар Калыгул, Арстанбек, Жеңижок ж.б. эски, феодалдык доордун жарчылары, динчил деп басылып, көмүскөдө, тарыхый сүргүнгө алынып келди. Эне тилибизден ажырап кала жаздадык, тарыхыбыздын актай барактарын бүгүнкү күнгө чейин толуктай албай келатабыз.

**Эскини жоготуп, жаңыны эч ким кура албаганына эми толук көзүбүз жетти.**

***Бешинчи.***

**Адам менен кошо жаралган ыйык адам укуктарын тебелеп-тепсеп, кордогон саясат, бийлик, мамлекет көп узабастыгын КПССтин тоталитардык бийлигинин ойрон болушу аныктады.**

Бай-манаптар кулакка тартылып, айдалып, кийин 1937-1939 жылдары атылып кеткендердин арбактары КПСС жетекчилерин акыры оңдурган жок.

Большевиктер адам өмүрүн класстык күрөштө бир тыйынга да теңебеген саясат жүргүзүшүп, элдердин убалына калып, каргышы тийип жок болушту.



***Алтынчы.***

Илимий-техникалык жетишкендиктер ай сайын жаңы ыкма, технологияларды жаратккан соң, **мамлекет адамдарга өз алдынча чарба жүргүзгөнгө мүмкүнчүлүк берип, шарт түзбөсө, экономиканын өсүшүн камсыз кыла албаганын СССРдин тажрыйбасы далилдеди**.

***Жетинчи.***

Кайсы коом, өлкө болбосун **баарына күч менен таңуулаган бир саясат, бир пикир, бир көз-караштын аягы жакшылыкка алып барбайт экен.**

Турмуш өзү канча миң кырдуу болсо, коом, өлкө да ошончо **пикирлерге, көз-караштарга таянып, көп кырдуу саясат жүргүзпөсө, тирешүү, талашуу күчөй берип, мамлекетти алсыратып коет турбайбы.**

***Сегизинчи.***

**Эгерде мамлекет жүргүзгөн саясат элдин убал-сообунан, каргышынан коркпосо, калыс, адилет болбосо, эки жүздүү, алдамчылык, демек - арам жолго түшсө, ал көп узабайт.** Жер жүзүнө дүңгүрөп баркы көтөрүлүп, аты тараган СССР 70 жылдан бир аз эле узап, быт-чыт болбодубу.

**Жыйынтыктап айтканда, элдин даражасы, күчү, бекемдиги, туруктуулугу, келечеги эмнеде?**

**- Өзүнүн тарыхын билип, улуттук өзгөчөлүктөрүн түшүнүп, баалап, барктап, аларга такай таянып турууда;**

**- Эне тилин, каада-салтын, руханий дөөлөтүн, маданий байлыктарын бекем кармап, сактап жүрүүдө;**

**- Ыймандуулукту, адамгерчиликти, руханий баалулуктарды күнүмдүк көр-тириликтен өйдө баалап, эң жогору коюуда;**

**- Муундардын байланышын бошотпой, бузбай, чыңап турууда;**

**- Өткөн-кеткенди жамандабай, жаманын жашырып, жакшысын алып, тийиштүү жыйынтык чыгарууда;**

**- Коомдун, журттун биримдигинде, элдин колдоосунда, ишеничинде;**

**- Улуттар арасындагы ынтымакта;**

**- Элдин, мекендин абалын жеке кызыкчылыктан дайыма өйдө коюуда;**

**- Башка өлкөлөрдү туурабай, ээрчибей, өз жолун издеп, табууда;**

**- Жаратылышка каршы иш жасабай, аны урматтап, сыйлап, Теңирдин Адал жолунан адашпай, аны бекем, ыйык тутууда;**

**- Жамандыктан кандай түрү болбосун оолак жүрүүдө.**

Себеп, жамандык канча көп болсо, ал бөлөк элге көчүп кетпейт, жерге, суугa сиңбейт, элди аралап жүрүп, алардын азабына айлана берет, аягында кайрылып, өзүңө кайра келет.



* * *

**СССРдин бир эле түндө талкаланышы - адамзаттын динге, саясатка, коом илимдерине, экономикага, улуттар жана адамдар арасындагы мамилелерге болгон көз караштарын өзгөртүүгө алып келди, чоң тарыхый сабакка айланды.**

СССР начар мамлекет деп ким айта алат эле? Куралдуу күчтөрүнүн кубаттуулугу дүйнө жүзүндө эң алдыда эле!

Канча Африка, Азия, Европа өлкөлөрү СССРдын "көзүнүн кареги менен" айланып турчу эле!

**СССРдин талкаланышы дүйнө жүзүндөгү экономикалык, саясий, илимий багытындагы кырдаалды түп-тамыры менен өзгөртүүгө алып келди.**

Натыйжада, бүгүн дүйнө элдеринин экономикалык абалы, саясий жана турмуш тагдыры, негизги бир эле - АКШ мамлекетинин кызыкчылыктарына байланып, бул мамлекеттин саясаты колдогон жети өнүккөн өлкөлөрүнүн көмөктөшүүсү менен жер жүзүндө жүргүзүлө баштады.

Тактап айтканда, базар экономикасынын, демократиянын, коом түзүлүшүнүн, адам эркиндигин, укуктарын **Батыш өлкөлөрү жактырган гана түрү жер жүзүндө орун алыш керек** деген саясаты ишке ашырылып жатат.

Бул аракеттердин негизги максаты - илимий же болбосо саясий көз караштарды турмушка ашыруу эмес.

Негизги максаты - дүйнө жүзүндөгү начар, бутуна тура албай жаткан өлкөлөрдү, элдерди өнүктүрбөй, өстүрбөй, ошолордун жаратылыш байлыктарын арзан пайдаланып, аларга өздөрүндө ашып-ташып, сатылбай жаткан буюмдарын кымбат сатып, өз байлыгын көбөйтүү.

Дүйнө соодасында өсүп-өнүгүп, улам жаңы атаандашкан, теңтайлашкан мамлекеттердин пайда болушу батыш өлкөлөрүнө кереги жок экендиги түшүндүрүүнү талап кылбайт.

Илимий-техникалык жетишкендиктер маалымат-байланыш каражаттарынын кыйла өсүшүнө алып келип, адамзаттын эки миң жыл тарыхында болбогон, адам баласынын оюна да, түшүнө да кирбеген жаңы кырдаалга алып келди.

**Бул кырдаал - элдердин өнүгүү жолунун мазмуунун, алардын көз карандысыздыгынын маңызын өзгөртүп, колония-кул кылуунун XXI кылымга ылайык жаңы жолун ачты.**

Ушунун баары кааласак да, каалабасак да, түшүнсөк да, түшүнбөсөк да **кыргыз элинин экономикалык, саясий абалына, бүгүн жана эртеңки турмушуна, улутубуздун келечегине, ар бир кыргызга түздөн-түз тиешеси бар экенин билүүгө аргасыз кылып турат.**

Глобализация - Дүйнөлөштүрүү көрүнүшү - жыл өткөн сайын күч алып, өлкө-мамлекеттер эмес, алыс



жайгашкан айыл-кыштактарга чейин өзүнүн таасирин тийгизе баштады.

**Жер жүзүн, жалпы адамзаттын тагдырын өзгөрткөн күч катары Дүйнөлөштүрүү көрүнүшү экинчи миң жылдыктын эң маанилүү, зор окуясына айланды.**

Бул көрүнүш адам баласынын каалоосу менен келген жок, **күн менен түн алмашылган табигый нерсе катары адамзаттын өнүгүү жолунда өз ордун алган окуя иретинде пайда болду.**

Буга каршы бир дагы эл же өлкө эч нерсе жасай албайт. Себеби күндүн нурун таратпай коюу адамзаттын колунан келеби? СССРдын талкаланышы бул көрүнүшкө кеңири жол ачып берди, анын күч алышына кеңири шарт түздү.

**Дүйнөлөштүрүү эң биринчи - дүйнөлүк сооданын өсүп, өнүгүүсүнөн башталды.** Өнүккөн 15-20 өлкөнүн бейпилдиги, байлыгы, тагдыры түздөн-түз өздөрүнүн экономикасы өндүргөн буюмдардын жарымынан көбүнүн сыртта, башка мамлекеттерде сатылышына байланыштуу болду. Себеби, өз элинин муктаждыгын улуттук экономикасынын 55-75 пайызы эле камсыз кылган кубаттуулукка жеткенден кийин, калган 45-25 пайызы жалаң гана тышкы соодага иштеп, ошол сооданын жүрүшүнө гана байланыштуу болуп калды. Демек, элди жумуш менен камсыз кылуу

маселеси дагы ошол тышкы соodанын жүрүшү менен чечилчү болду.

Бул сооданын жүрүшүндө жеңилдик болуш үчүн, артыкбаш, жок жерден тоскоолдуулуктарды жаратпаш максатында **өлкөлөр бириге баштады. Бажы, салык, унаа каражаттарынын эреже-талаптарын бир кылууга аргасыз болушту.** Он беш өлкө биригип, Европалык бириккен уюм түзүштү (бир өкмөт, бир парламент, бир сот, бир акча(евро)).

Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрү да биригүүгө мажбур болушту (АСЕАН). Африка, Түндүк Америка өлкөлөрү да көп маселелерин биргелешип чечүүгө өтүштү.

Булардан тышкары, эл аралык өндүрүш-соода тармагындагы ири уюмдар бириге башташты (дары-дармек, чылым, түстүү металл чыгарган жана башкалары).

**Эл аралык соода тармагы дүйнөлүк банктардын, финансы уюмдардын, байланыш-маалымат каражаттарынын биригүүсүнө алып келди.** Акы төлөп кызмат көрсөтүү иштери бириктирилди. Жумушчу адамдардын бир өлкөдөн бөлөк өлкөлөргө барып иштеши жеңилдетилди.

Ушинтип олтуруп, жыл өткөн сайын улам **көп өлкөлөр, элдер, экономикалык, финансы, байланыш, өндүрүш каражаттары, мамилелери аркылуу чырмалышып, ажыратылгыс бекем тутумдашууга аргасыз болушту.**



АКШнын ички дүң продукциясынын (бир жылда өндүргөн буюмдарынын, азык-түлүктөрдүн баасы) көлөмү 8 триллион долларга жетип калды (999 миллиард доллардан сегиз жолу алыш керек). Кыргызстандын ички дүң продукциясы - болгону бир эле миллиард доллар. Россияныкы - 360 миллиард доллар. Япониянын ички дүң продукциясы - 5 триллион доллар. Европа бириккен коомунуку - 7 триллион доллар. Кытайдыкы - 700 миллиард доллар.

Дүйнөлүк дүң продукциясынын 21% - АКШ, 19,0% - Европа бириккен уюму, 13% - Япония берет.

Тышкы сооданын (экспорттун) көлөмү - АКШда - 600 миллиард доллар, Японияда - 410 миллард долларга барабар. Импорттун көлөмү - АКШда - 766 миллиард доллар, Японияда - 345 миллиард доллар. Япониянын түз инвестициялары (акча салымдары) АКШ мамлекетинде - жылына 200 миллиард доллар, АКШ тараптан Японияга - 41 миллиард доллар. Япония түзгөн 2000ге жакын АКШдагы компанияларда бир миллиондон ашык америкалыктар иштейт.

Япония өз муктаждыгын: 60%-эгинден, 80% жүгөрүдөн, 40%-эттен, 60%-атом станцияларга керек урандан АКШ мамлекетинен сатып алат. 80% мунайзатты Англия-Америкалык алты эл аралык уюмдардан алып турат.

Интернет байланышына кошулган адамдардын саны 800 миллиондон ашса, ошолордун 50% АКШ

менен Канадада жашаган адамдар болуп эсептелет (же дүйнө жүзүнүн элинин 5 эле пайызына таандык),

**Акчасы, же сатаар буюму жок адам базарга бара алабы? Барса да, эч нерсе сатып алалбайт. Базар экономикасынын тагдырын акча чечкен соң, 10-15 өнүккөн өлкөлөрдүн колунда дүйнө жүзүндөгү акча каражатынын 80%ы болгондон кийин, алардын жүргүзгөн саясатына ким туруштук кыла алат?**

* * *

Экономика, финансы, байланыш-маалымат каражаттарынын биригишкени, соода, жумушчу адамдардын, саякатчылардын, челнокчулардын өлкөлөрдүн арасында эркин жүрүп, катташы **маданияттардын, улуттук өзгөчөлүктөрдүн жакындашканына, алар менен кошо каада-салттардын, адамдардын, эркек-аялдардын ортосундагы мамилелердин жакындаштырууcуна алып келди.**

Спутник аркылуу сыналгынын берүүлөрү, батыш өлкөлөрүнүн акча табуу үчүн чыгарылган тасмалары **өзү менен кошо ыплас, уятсыз, абийирсиз ырайымсыз, мыкаачылык, зомбулук, зөөкүрдүк сапаттарды даңазалап, таратканга алып келип жатат.**

Дүйнөлүк соодада буюмдарга, заттарга, азык-түлүктөргө караганда баалуу кагаздардын,



акчалардын соодасы, кызмат акы көрсөтүүсү үстөмдүк кыла баштады.

Натыйжада, жер жүзүндө жаңы көрүнүш, жаңы шарттар, жаңы мамилелер, кырдаалдар, биригип-жуурулушуулар, жаңы саясий-коомдук абалдар түзүлө баштады. Башкача айтканда, **дүйнө жүзү кескин өзгөрдү. Адамзаттын тагдыры чукул бурулушка учурады. Бай өлкөлөр ого бетер байып, кедей өлкөлөр ого бетер жакырланышты. Алар улуттук касиеттеринен айрылышты. Колу-бутунда кишен жок, бирок моюнунан карыз алган акчаларга бекем байланышты. Демек, "эгемендүү", "көз карандысыз" кулдарга, саясий сойкуларга, намысын, эркин жоготкон малайларга айланышты.**

Батыш өлкөлөрүнүн кызыкчылыгын ишке ашыруу үчүн Эл аралык валюта фонду (МВФ), дүйнөлүк банк жана дүйнөлүк соода уюму уюштурулду (В.Т.С.)

Дүйнөлүк соода уюму бүгүн жер жүзүндө жүрүп жаткан соода-сатыктын 95% эрежелерин белгилейт. Ал эреже-жоболорго бүгүн адамзаттын 90%ы баш ийип колдонушат.

130 өлкө мүчө болушуп, 38 триллион доллар банк кредиттерин, 18 триллион доллар баалуу кагаздарды, 600 миллиард доллар маалымат каражаттарга керектүүлөрүн жүгүртүшүп, соода кылышат.

Албетте, эркин соода болсун деген ураан-чакырыктар атайын СССРди талкалап, КМШин бутуна

тургузбаш үчүн жүргүзүлүп жаткан саясат экени эми белгилүү болду.

1993-94 жылдары СССРден калган уранды АКШ мамлекети эркин саттырбай, бут тосуп, Кыргызстанга куугунтук кылганы буга талашсыз далил болуп турат.

АКШда атайын өзүнүн айыл чарба тармагын коргош үчүн сырттан алып келген азык-түлүктөргө 50%, Польшада-500% бажы төлөм коюлган.

Европа бириккен коому өзүнүн бюджетинин 50% айыл-чарба тармагын колдоого жумшайт. Ошонун ичинен 7 миллиард доллар жалаң гана сыртка алып чыккан азык-түлүктөрдү сүрөө үчүн берилет.

Албетте, дүйнөлүк соода уюмуна мүчө болбогон өлкөлөр ар кандай бут тосууларга учурашат. Бирок, мүчө болуп киргендер тыштан алып кирген буюмдарга эч бир тоскоолдуксуз шарт түзүп берүүгө милдеттүү.

**Демек, өзүбүздүн өндүрүшчүлөр мындай учурда атаандашууну көтөрө албай, бара-бара банкрот болуп жоюлушу айдан ачык болуп турбайбы.**

Дүйнөлөштүрүү (Глобализация) - көрүнүшү бутуна туруп келаткан айрым, өтө акылмандык, мээнеткеч, ынтымактуу, көзүн таап аракет кылган - Сингапур, Тайвань, Малайзия, Түштүк Корея, Чилиге окшогон мамлекеттер үчүн - өнүгүү, өсүү, баюу жолуна айланды. Калган **басымдуу көпчүлүк мамлекеттер үчүн: өз жолун таба албай, коом ынтымагын чыңап**



**алалбаган, өз акылы менен жашабай, бирөөлөрдүн кеңешинен чыга албагандарга жакырчылыктын, жардылыктын, кулчулуктун, малайлыктын жолуна айланганын** Африка өлкөлөрүнүн кийинки 20 жылдын ичинде көбү тентип калганы далилдеп турат.

Дүйнөлөштүрүү көрүнүшүнүн пайдасын, үзүрүн адилетсиздик менен 15-20 гана өтө бай өлкөлөр көрүп жатышат.

Бүгүн дүйнө жүзүндө жашаган 6 миллиард адамдын бир гана миллиарды жыргап, калганы эптеп-септеп күн өткөзүп жашоонун үстүндө. Ошолордун арасында - КМШ элдеринин басымдуу көпчүлүгү турат (80% ашыгы).

Биргелешкен улуттар уюмунун (ООН) маалыматы боюнча, **жер жүзүндө 500 миллион адам ачка, 240 миллиону ачкалыгынан өлүм алдында турат. Бирде тамактанса, бирде ачка жүрүп,** же сапатсыз тамактангандын айынан алсыраган адамдардын **саны бир миллиарддан ашып кетти.**

“Ушул айтылгандын баарысын биздей кичинекей өлкөгө, кандай тиешеси болмок эле?”-деген суроо туулушу мүмкүн.

Тиешеси түз, толук жана кыйшаюусуз экенин эстен чыгарбасак.

Көз карандысыз мамлекеттеринин шериктештигине колхоз-совхоздорду таратып, өнөр

жайыңарды тез арада менчиктештиргиле деп кимдер акча берди эле?

Энергетика тармагыңарды менчиктештиргиле, электр энергиясынын баасын көтөргүлө, жерге менчик киргизип, сата баштагыла деп ким бизге карыз акча берип жатат? Туура, эл аралык валюта фонду жана дүйнөлүк банк.

Кимдин адамдарды өлтүрүп, кырып, атып, зордуктаган кинолорун сыналгыдан тынбай эртеден кечке көрсөтүп жатат? Туура, батыш өлкөлөрдүн.

Кимдин пивосун, арагын, тоок этин, унун, майын сатып алып жатабыз? Туура, баарысы ошол тараптан келип жатат.

* * *

**Дүйнөлөштүрүү - Глобализация көрүнүшү убакыт, аралык, чек ара, эгемендүүлүк деген түшүнүктөрдү өзгөртүп салды.**

Бишкек, Токмок, Ош, Нарын шаарларынан чыкпай, эгерде интернетке кошулсак, дүйнө базарларынын каалаганына катышып, каражатың болсо соода-сатык кыла бересиң (албетте, чет тилдерди билсең),

Кайсы бир мамлекетти багынтып алыш үчүн илгеркидей жоокерлерди жиберип, чек арасын бузуп, шаарларын талкалаштын бүгүн кажети жок.

**Карыз акча берип олтуруп, карызга кулагына чейин батырса - өзү эле кул болуп берет, айткан сөзүңдөн чыкпайт, каалаганыңды жасайт.**



Же болбосо, ошол мамлекетти өзүң өндүргөн нерселериң менен каптатсаң, **тапкан, ташыган акчаларын эл товарларыңды сатып алып олтуруп сага карматып берет. Ал өлкөнү чаап алып, анын азабын, түйшүгүн тартуунун азыр кереги жок.** Же болбосо, темир жана машине жолдоруна чоң акы коюп, ошол өлкөнүн байланыштарын бууп, алып келген товарларына 200 пайыз бажы төлөмүн коюп кой - бир жылда банкрот болуп, көзүңдү карап калаары шексиз.

Ошол эле учурда, табиятты сактоо (Арал деңиз маселеси), баңгиликке, кылмыштуулукка, терроризмге, СПИД оорусуна каршы күрөшүү максаттары мамлекеттерди кызматташууга, мыйзамдарын жакындатууга, тыгыз байланыш түзүүгө аргасыз кылып, түрткү берип жатат.

Демек, **көп мамлекеттер, улуттар бүгүн өз тагдырына өздөрү толук ээ боло албай, келечегин өздөрү толук чече албай, бөлөк өлкөлөргө кайсы бир деңгээлде байланып, алардын илимий-техника-технология жетишкендиктерине, акча байлыгына, салык, бажы эреже-талаптарына, саясий иштерине көз каранды болгон - кезектеги, XXI кылымга гана таандык көрүнүшкө айланды**

Бүгүн, XXI кылымда, мамлекеттердин ээлеген жер аянттары, аймактык чек аралары дүйнөлүк соода аркылуу акча жүгүртүүнүн эсебинен иш жүзүндө кыйла

кеңейтилип, экономикалык, финансылык "чек аралары" географиялык чек араларынан миң эсе ашып кетти.

Мисалы, Монако деген өлкөнүн аянты эки чарчы километр, эли 28 миң адам. Борборунда - болгону бир миң беш жүз эле киши жашайт. Бирок, өлкөнүн 70 банкында 150 миллиард доллардан ашык акча каражаттары сакталып турат, катталган 7 миң фирмалар бул акчаны дүйнөнүн 70тен ашык өлкөлөрүндө иштетип, пайда таап жатышат.

Япониянын жер аянты - Кыргызстандыкынан эки эсе эле чоң. Экономикалык, финансылык "аянтын" эки маалымат эле толук мүнөздөйт: дүйнө соодасына алып чыккан (экспорт) товарларынын (жылына) көлөмү - 411 миллиард доллар, буга кошумча - бөлөк өлкөлөргө жасаган түз инвестицияларынын көлөмү - 517 миллиард доллар.

АКШ, Япония, Кытай, Европа биргелешкен уюмундагы мамлекеттер нечен жүз өлкөлөрдүн экономикалык "чек араларын" өзүнүн акча, товарлары менен бузуп, финансылык "аянттарын" басып алышып, маданий аймагын багынтып, улуттук коопсуздугун талкалап салып жатышат.

Буга ким күнөөлүү? "Кемчилиги көп адамдын кемсинтээри көп болот"-дегендей, **экономикалык коопсуздугун сактай албаган, өз жолун таба албаган, элин, журтун экономикалык күрөшкө,**



**финансылык кармашууга, маданий таймашууга даярдап, көтөрө албаган мамлекеттер өздөрү гана күнөөлүү.** Жер шартын, элин күнөөлөгөн - Кудайды күнөөлөгөнгө барабар.

Жакырчылык жер жүзүн топон суу каптагандай каптап келатат.

Бул суудан аман калыш үчүн бир эле жол бар - глобализация-дүйнөлөштүрүүнүн башында турган 20-30 өлкө батчудай жээктен азыр - мына кетет деген чакан кеменин бир жерине кыпчылып, илинип калуунун амалын табышыбыз керек.

Ал кемеге илинбей калган улуттар, өлкөлөр 60-90 жылдын арасында жок болушат деген пикир күч алууда.

Американын бир изилдөө борборунун корутундусу боюнча 50 жылга жетпей КМШнын курамына кирген эки өлкө, эки улут жок болот, 90-100 жылда - дагы бир ири өлкө, чоң улутту ошондой тагдыр күтүп турат имиш.

**Ким билет? 15 жыл мурун СССР жок болот, таш-талканы чыгып тарайт дегенге эч ким ишенбейт эле, бирок бул окуя болмок түгүл анын азабын тартып, тозогуна күйбөгөн адам калбай калды го.**

**СССР кыйраганынын эң чоң кесепети - жер жүзүнө жети-сегиз өлкөлөрдүн чексиз, бир беткей, баарына акча жана**

**товарларынын күчү менен таңууланган, өзүнө баш ийдирген саясатын жүргүзүүгө жол ачып бергени болду.**



# III. Көз карандысыз мамлекеттер Шериктештигинин адашуусу

СССР талкаланып, тарагандан кийин Прибалтикалык үч республикадан башкалары биригип, Көз карандысыз мамлекеттеринин Шериктештигин - КМШ өлкөлөрүн түзүштү.

Бул шериктеш он жылдын ичинде курамына кирген мамлекеттердин биригүүсүн эмес, жакындашын дагы камсыз кыла албады. Эң бийик деңгээлде бир жарым миңге жакын кабыл алынган чечимдеринин басымдуу көпчүлүгү ишке ашкан жок. Жыл өткөн сайын КМШнын өз ара соода-сатык көлөмдөрү төмөндөп бараткани буга талашсыз далил.

Айрымдарында ич ара келишпестиктен кандуу согуш да жүрүп кетти (Тажикстан, Грузия, Тоолуу Карабах, Молдавия-Приднестровье).

Чечен согушу жүз миңден ашык адамдын өмүрүн алып, бүгүн да улануууда.

КМШнын негизги турмушка ашырган иши - СССР таркагандан кийин андан калган дүнүйө-мүлктөрдү, тышкы аласа-береселерди бөлүштүрүү болду. Тактап айтканда, ажырашуунун, бөлүнүүнүн милдетин аткарды.

СССР учурунда калыптанып калган чарбалык-өндүрүштүк байланыштар үзүлдү, биргелешкен темир жол, энергетика курамдары бытыранды болуп чачылды.

Шериктештикке кирген ар бир мамлекет негизги үмүтүн батыш өлкөлөрүнө байлады. Дүйнө соодасына кирип кетебиз деген ишенимде болду.



**Бирок, турмуш өзү далилдегендей, батыш өлкөлөрүнө КМШнын тыңып, бутуна туруп кетүүсүнүн кереги жок болуп чыкты.** Дагы бир топ атаандашып, теңтайлашкан мамлекеттердин аларга кереги жоктугу билинди.

Банктарында кыймылсыз (демек пайдасыз) жаткан нечен жүз миллиард доллар акчаларын КМШга карыз берип, үстөмдүгүн алып турууга кызыгышты жана эки жүз элүү миллион КМШ элдерине, сатып алуучу таппай, кыйналып, жыйылып турган товарларын сатып, өндүрүш кубаттуулуктарын толук иштетүүгө, демек элин жумуш менен камсыз кылууга жан далбас урушту.

Бул максатка жетиш үчүн, ар кандай тескери кеңештерди айтып, кичинеден акча карыз берип олтурушуп КМШнын ички өндүрүшүн буту-колунан байлап, муунтуп, банкротко жеткизип, талап-тоноп, бирин жок кылса, экинчисин ит бекер сатып алып турушту.

**Батыш өлкөлөрүнө КМШнын чийки заттары гана керек (газ, мунай, жыгач-карагай, тери, тамеки, жүн, пахта ж.б.).**

Бул сөздөрдү далилдеш үчүн КМШ-ин эң ири, эң бай, эң кубаттуу Россия мамлекетин алсак болот. Аянты -17 миллион чарчы километр, 148 миллион эли бар (Кытай-9,5 миллион чарчы километр, АКШ-9,3 миллион чарчы километр).

Дүйнө жүзүнүн жаратылыш байлыктарынын 30% Россияда (дүйнө элинин 2%-ын гана колунда).

Элинин саны - бир чарчы километр аянтка - 2,5 адам туура келет (Японияда – 330, Кыргызстанда - 23).

Деңиз жээгинин узундугу - 38 миң километр. СССР тапкан, курган байлыгынын 68 пайызы (үчтөн экиси) Россиянын энчисине өттү. 1990-1998-жылдардын арасында Россиянын ички дүң продукциясы эки эсеге азайды (Улуу Ата Мекендик согуш жылдары - 1941-1945-жж.СССРдын ички дүң продукциясы 25 пайызга гана азайган - төрттөн бир бөлүгүнө). Ушул көрсөткүч боюнча - Кытайдан эки эсе, Франциядан- 3, Германиядан - 5, Япониядан - 10, АКШдан - 20 эсе төмөн туру.

Негизги өндүрүш каражаттарынын жарымы эскилиги жетип, толук алмаштырууну талап кылат.

Эмгек өндүрүмдүүлүгү - өнөр-жай тармагында дүйнө боюнча 64 орунга, айыл чарбасында - 77 орунга түшүп кетти.

Дан эгиндин аянттары 59 миллион гектардан 1990-жылы 45 миллион гектарга чейин 1998-жылы азайган. Натыйжада, ар бир жанга эсептегенде өндүрүлгөн дандын көлөмү 1990-жылы 702 килограммдан 1998-жылы 370 килограммага чейин төмөндөгөн.

1990-жылга салыштырганда 1999-жылы:

- эгиндин түшүмдүүлүгү 18,5 центнерден 11.7 центнерге түшкөн (36.8%);



- дүң түшүмү 116.7 миллион тоннадан 54.7 миллион тоннага азайган (53.1%);

- жерди азыктандыруу семирткичтер 88% кыскарылган; Бодо малдын башы - 19 миллион (50%), кой-эчкиники - 75%, тирүү орто салмагы - 20% төмөндөп кеткен.

Өндүрүлгөн эттин көлөмү - 600%, сүттүкү - 400%-ке кыскарган.

Сырттан сатып келген (импорт) азык-түлүктүн көлөмү кескин түрдө өскөн: тооктун эти - 40 эсе, малдын эти - 30%, сүттөн иштетилген азыктар - 20%, май - 35%. Буга жылына 65 триллион рубль сарпталууда.

**Бул акчалар чет өлкөлөрдүн бюджетине (баалардын ичиндеги салыктар аркылуу) жана алардын фермерлеринин турмушун өркүндөтүүгө кетип жатканын белгилей кетишибиз керек.**

1994-жылдан баштап төрөлгөн балдардын саны кайтыш болгон адамдардан бир миллионго кемип, элинин саны жылдан жылга азаюуда.

Президент В.В.Путин “Россиянын абалы 1944-жылдын деңгээлине жетип калды”-деп бекеринен айтпагандыр.

Үйлөрүнөн качып, тентип жүргөн балдардын саны 2 миллионго жетип, дайнын таптырбай, жок издеткен жаш балдар 300 миңден ашыптыр. 1 миллион 600 миң мектеп жашындагы балдар окушпайт, 35 миңи - СИЗО

менен колонияларда. Ичкиликтен өлгөндөрдүн саны 3,5 эсе көбөйгөн. СПИД оорусу менен катталган (канчасы катталбай жүрөт-!) адамдардын саны 100 миңге жакындап, кургак учук менен ооруган адамдар бир миллиондон ашыптыр.

1999-2000-жылдары мунайзаттын дүйнөлүк баасы 22 доллардан 34 долларга чейин (бир баррельге) көтөрүлгөнүнө байланыштуу күтүүсүз жерден Россия бир топ миллиард доллар кошумча киреше менен бюджетинин абалын бир аз оңоп алды.

Россиянын абалы ушуга жеткенден кийин, аянты, жаратылыш байлыгы, элинин саны, өнөр жай тармагы кыйла төмөн деңгээлде турган калган өлкөлөрдүн (Грузия, Армения, Молдавия ж.б.) шарттары өйдө болмок беле?

Болсо да, төмөн болоору талашсыз.

Бул көрүнүштүн айрым себептери мурун да айтылды эле. Эми аларды улантсак болчудай.

20 жыл эле мурун бир топ өлкөлөрдүн абалын СССРга салыштырып, теңеп да коюу мүмкүн эмес эле (Чили, Уругвай, Алжир, Малайзия, Корея, Кытай, Индия ж.б.).

Бүгүн Түштүк Кореянын (болгону 45 миллион калкы бар) ички дүң продукциясынын көлөмү 453 миллиард доллар, Кытайдыкы - 700 миллиард доллар, Россияныќы - 359 миллиард доллар болгондуктан кандайча салыштырууга болот?



* * *

Көз карандысыз мамлекеттеринин шериктеши он жылдын арасында жүргүзгөн чарбалык саясаттарына мүнөздүү төмөнкү **жалпы адашуулар болду:**

**— Мүлктүн баары тез арада мамлекеттен ажыратылыш керек деген сырттан айтылган кеңештерге ишенүү. Ошол эле учурда АКШ, Германия, Кытай, Японияда экономикада болгон мамлекеттин орду, таасири өтө салмактуу экенин эч ким талаша албайт.**

**— Мүлктүн баары тез арада менчиктештирилиш керек деген сырттан айтылган пикирди тез арада, кыйшаюсуз турмушка ашыруу. Натыйжада өнөр жай, айыл чарба тармактары 20-30 жыл артка чегинди.**

Көзүн таап, эби менен - эң негизги - өндүрүмдүүлүгүн, натыйжалуулугун, сапатын, пайдалуулугун төмөндөтпөй, өйдөлөткөн шарт менен менчиктештириш керек эле. Анын ордуна тоноп, талап кетүүгө жол ачылды.

- **Дүйнөлүк соодага оңой эле кошулабыз, эгемендүүлүккө жеттик, өз алдынча тышкы соода жүргүзсөк, тез эле байып кетебиз деген курулай үмүт пайда болду. Турмуш өзү көрсөткөндөй, Батыш-Чыгыштагы өлкөлөр биздин товарларга муктаж эмес экен: сапаты төмөн, наркы өйдө. Алар өздөрүнүн сапаттуу товарларын сата албай, азап тартып жүрүшөт.**

**- Алыскы, Батыш-Чыгыш өлкөлөрдүн: КПСС жоюлуп, таркатылса, демократияга өтсөңөр, мүлктү мамлекеттен ажыратып, менчиктештирсеңер - силерге абдан жардам беребиз деп, алдап, эптеп СССРди кыйратыш үчүн айтылган сөздөрүнө чындап ишенүү.**

Көрсө, **алар бекер "жардам" бербейт тура. Жылына 15-16 пайыз үстөмдүк менен акчаларын карыз берип, ал "жардамды" 5-6 жылдын ичинде моюнга салган укурукка айлантып алышты. Россиянын тышкы карызы 140 миллиард доллар. Кыргызстандыкы - 1 миллиард 300 миң доллар,** же болбосо бүткүл Кыргызстан эли өзүнө бир тыйын жумшабай, тамактанбай, кийинбей бир жарым жыл иштеп, өндүрүп тапканын берсе, ошондо гана араң кутулчудай.

Жан башына тышкы карызды эсептегенде: Бангладеште - 10 доллар, Мозамбикте - 61, Гвинеяда - 82, Никарагуада - 117, Кыргызстанда - 230 доллар туура келет экен.

Чет мамлекеттердин берген жардамы; айрым учурларда мөөнөтү өтүп, сактаганга ылайык болбой бараткан азыктары, дары-дармектери, эски кийимдери (ошолорду дагы кээде акчага айлантып карыз деп эсептеп жатышат).

Бирок жаңы технология, жаңы шайман, жаңы тетиктерди бизге жакын жолотушкан жок.

Чет өлкөлөрдүн гана эмес, КМШын ар бири бизден



бир пайда көрүп, өзүнүн кандай бир кызыкчылыгын чечип алсак деген эле жан талашууда.

**- Бааларыңардын баарына мамлекет кийлигишпей, эркин кое бергиле деген кеңешке да алдануу болду.**

**Өздөрү эмне үчүн айрым бааларга чек коюп, же болбосо айрым буюм, азык-түлүктөргө акчалай (болгондо да бир топ миллиард доллар) жардам берип турушат андай болсо?**

Мисалы, Японияда күрүчтү өндүрүүчүлөрдөн мамлекет кымбат баа менен сатып алып, элге арзан баа менен сатат. Айырмасын бюджеттин эсебинен төлөп турат.

Жакында, Европа бириккен коому Дүйнөлүк соода уюмга АКШга койгон доосу менен кайрылды.

**Көрсө, АКШ мамлекети өзүнүн өндүрүүчүлөрүн колдоп, алардын Европада сатылган товарларын салык, бажы төлөмдөрдөн жашыруун түрдө бошотуп, 150 миллиард долларга сүрөөнчүлүк кылып жүрүшүптүр.**

**Дүйнөлүк соода уюмунун эреже-талаптарын одоно бузган үчүн доогер 4 миллиард доллар төлөттүрүп берүүнү өтүндү.**

**Мына, алардын өздөрүндөгү "эркин баа" саясаты.**

Жер сатуу маселесин алсак. Өнүккөн өлкөлөрдө жер эмес, үй дагы алалбайсыз (мыйзам-жоболорун бузбай). Өзгөчө, айыл чарба жерлерин сатып алуу дегеле мүмкүн эмес. Мыйзам, көзөмөл өтө катуу.

Израиль, Кытай, Россия, Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Грузия жана башка көп өлкөлөрүндө жер сатылбайт, мөөнөтү жок ижара шартында иштетилет.

Кыргыз улутунун 2 миң жыл ашык тарыхында, акылында, сезиминде, тилинде жер жеке менчикте деген түшүнүк болгон эмес. Уруулар жалпылашып энчилеп пайдаланышчу. Бирок жеке бир адам, үй-бүлө жерге менчик ээ кылганы - тарыхта болгон эмес.

**Саясий-коомдук багытында сырттан берилген, аларга ылайык, бирок КМШга өөн бир топ кеңеш-акыл, талаптарын алар таңуулаган түрдө аткаруу - чоң адашууга алып келди. Мисалы: - Саясий партияларыңар аз, көбөйтсөңөр, демократияңарды өстүргөн болосуңар деп бүгүн дагы айтып жатышат. АКШда, Германияда, Кытайда, Японияда - негизги эки-үч, жалпы 6-8 партия бар, Кыргызстанда - 32!**

Атайын, эл ынтымагы отузга бөлүнүп, ыдырасын дегендей эле болуп жатпайбы!

**Саясий партиялар элибизге кайсы жаңы ой-пикир, көз караш тартуулашты? Эл жыргалчылыгына жетүүнүн кайсы жолун көрсөтүп, элге эмне кызмат кылып беришти?**

**Бийликтин бир жерине эптеп кыпчылып, жармашып, чоң казанга кашык салып, жанын багып, жеке кызыкчылыгын ойлогондон башка элге эмне жакшылык, эмне пайда келтирип жатышат?**



**- Канча көп атаандашуулар болсо, ошончо силерде демократия өйдө - деп баалайбыз дешти.**

Батыш-Чыгыш өлкөлөрүндө президент же өкмөт башчысын шайлоодо, эки-үч талапкерден көп катышпайт (Шайлоо эрежелери ошондой). Бизде - 10-15ке чейин жетип калат.

- КМШ-ин баарында Президент, Парламент, Конституциялык сот, Конституциялары бар, бирок - Батыш өлкөлөрүнүн өкүлдөрү баа бергендей (ОБСЕ, Европарламент жана башка коомдук уюмдар) демократиянын абалы талапка жооп бербейт.

Демек, коом түзүлүшкө ушул уюмдар кирсе, силерде демократия орнойт деп, КМШ элдерин алдаган жокпу деген суроо туулбай койбойт.

**- Коомуңар өтө саясатташтырылган. Мамлекеттик идеология болбош керек деп айтып туруп алышты. “Деидеологизация” - идеологиядан арылуу деген туу көтөрүлүп, натыйжада гезиттер, сыналгылар сексти, адепсиздикти, зөөкүр-зомбулукту, кылмыштуулукту жайылткан, даңазалаган, ыймандуулукту, улуттук маданиятыбызды, намысыбызды, каада-салттарыбызды жарып-талкалаган алардын куралына айланды, улуттук идеологиянын ордун толук ээледи.**

**Натыйжада, кылмыштуулук, сойкулук, баңгилик, ичимдик, паракорлук, коррупция гүлдөп,**

**өсүп, азырынча Батыш өлкөлөрүнөн биз ооштуруп алган "үлгү", тапкан "пайдабыз" болду.**

**- Батыш өлкөлөрүнөн биз дагы эмнге жакшылык көрдүк? Алардан эмнени үйрөндүк? Эмнебизди жоготуп, эмне таптык? Ошонун баары бизге ушунча кымбат баага айланбаса болбойт беле?**

Бүгүн бул суроолор жок жеринен туулган жок. Он жылдын ичинде көзүбүз ачылгандай болду.

**Батыш коомунун баалуулуктары, турмуш шарттары, адамдар арасында мамилелери мурда кооз, укмуш, суктандырчудай көрүнгөнү менен иш жүзүндө бөлөк болуп чыкты.**

Айрымдары иренжитпей койбойт. Эркектер эркектер менен мыйзам түрүндө үй-бүлө куруп жашаганын биз үлгү кылып алалыбы? Сойкулук мыйзамдаштырылып, кыргыздын кыз-келиндери бөлөк өлкөлөргө барып, турмуштун азабынан эркектерине кол жоолук болгонун колдойбузбу?

Баңгиликке кирип, чыгалбаган миңдеген адамдарына кылмыш ишке барбасын деп күнүнө бюджеттин эсебинен бекер наркотик берип турган алардын "жетишкендери" бизге керекпи?

КМШнын он жылдык тажрыйбасы бир ачуу чындыкты далилдеди. Ушул убакыттын ичинде **бири дагы алдыга жылып, элинин руханий, маданий, турмуш-тиричилик абалын көтөрө алган жок.**



**Тескерисинче, 20-30 жыл артка кетишти, тышкы карызга батышты** (Түркмөнстан, Өзбекстандан башкалары).

Өнөр жай, айыл чарбанын абалы оор, жумушсуздук, жакырчылык азайбай, өсүп жатат.

**Базар экономикасы эки-үч жылда жыргалчылыкка алып келет деген ураан-чакырыктарга эч ким деле ишенбей калды окшойт.**

Демократия эмне экенин эл эми билип калды. Анын калыстыгы, адилеттүүлүгү, элдин турмушун эң бийик баалаганы, депутаттар элдин мүдөөсүн талашып, эл ишеничин кандай актап жатышканын он жылдык убакыттын арасында көзү менен көрүп, кулагы менен угуп, жону менен тартпаган адам калбай калгандай болду.

* * *

**Эмне себептен ушундай абалга келип калдык? Буга ким күнөөлүү? Эми бизди эмне күтүп турат? Балдарыбыз эмне болот?** Ушуга окшогон суроолор колунда барларды да ойлонтпой койбойт окшойт.

КМШнын башкы жетекчилери деле кантип өз элине, мекенине жамандык кааласын?! Же карасанатайлык менен бийлик жүргүзүшсүн?!

Албетте, андай эмес. Алар деле күнү-түнү чапкылап жүрүшкөнүн көрүп, угуп жатабыз. Чогулуп

жатышат, кагаздарга кол коюп жатышат, сүйлөп жатышат, ар кандай мыйзам, иш-пландарын, программаларын бекитип жатышат. Бул жагынан баары жетиштүү болгонсуйт.

Бирок иш оңолбойт, алдыга жылбайт, турмуш оорлогону оор болуп, айланы кетирип, коом биримдигине доо келтирчүдөй болуп баратат.

Мындай көрүнүштүн бир жүйөлүү себебин эстен чыгарбасак. Ал - **дүйнөдө эң өнүккөн он чакты мамлекеттердин нечен миллиард доллар акчага, ири кубаттуу өнөр жайына таянып жасаган тымызын бут тосуулары, тоскоолдуктары, бал тилге салып, акчаларына азгыртышып, тескери кеңештерди берип, акылыбыздан адаштырып жатканы.**

Алардын койгон тузактарына бутунан болбосо да, колунан илинбей калыш - өтө оор, өтө кыйын.

Адамга Кудай эки өмүр берсе, бул өмүрдү эптеп өткөрүп, экинчисин жакшы жашайм деп үмүттөнсөк болот эле..., андай эмес экен.

*Өкүнөсүң, каласың,*
*Өткөндү кайдан табасың?*
*Өмүр өтүп кеткенде,*
*Өлүм кууп жеткенде,*
*Өпкөлөп кимге барасың?*
*Өмүрү бүтпөйт тирилик,*
*Өлгөндөр келбейт тирилип.*



*Кары-жашка карабай,*
*Кара жер тартат сиңирип.*

- деп улуу акын Көкө уулу Өтө-Жеңижок айткан экен.

"Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт"- дегендей, адамзаттын тарыхында адашуулар арбын болгон турбайбы.

XX кылымды эле алып карасак, биринчи, экинчи дүйнөлүк согуштар канча миллион адамдын өмүрүн алып, канчасын азапка салып, адашкан адам баласына кандуу сабак болушту.

Дүйнөлүк революция жүргүзүп, жер жүзүнө социализм орнотобуз, бул максатка жетиш үчүн үй-бүлөдөн, ата-энеден кечип, керек болсо - улуттарды да курмандыкка чалабыз деп большевиктер, КПСС өзүн өзү курмандыкка чалып таштады.

Дин - элдин апийими, аны жоготушубуз керек деп, чиркөөлөрдү, мечитттерди уратып, поп, молдолорду түрмөгө камап, Сибирге айдашып, Кудай жок деп - бир заматта өздөрү жок болушту.

СССР кыйрагандан кийин КМШ элдери да өз жолун таба албай, оңго-солго далбасташып, бир туруп - Батышты ээрчип, бир туруп - Чыгыштан үлгү алабыз деп (Япония, Малайзия, Корея, Кытай ж.б.), айласын таппай, алсырап турган учуру.

Союз эли 20-30 жыл мурун жасаган күнөөлөрүнүн азабын, кесирленгендигин эми тартып жаткансыйт.

Бул - Жараткандын буйругу менен болуп жатат. Адам баласына адашуу мүнөздүү экен. Айла жок. Болору болду. Эми эмне кылыш керек? Кайсы сабак алып, эмне жыйынтык чыгарышыбыз керек? Маселенин баары ушунда. Туура жооп таап, өз жолубузга түшсөк - турмушубуз тез эле оңолуп кетээри бышык.

Илим-билимдин өсүшү жаңы технологияларды жаратып, жер жүзүн тыгыз байланыштырып, чырмап, дүйнөлөштүрүү - глобализация көрүнүшүнө алып келди.

Эгерде илгери жүз жылда адамдардын турмушуна бир-эки жаңылык кирип турса, бүгүн жумасына болбосо да, ай сайын кандай бир таасирдүү өзгөрүүлөр, жаңылыктар болуп турат.

Бул өзгөрүүлөргө ылайык чарба багытында гана эмес, коомдук турмушта да өз убагында, кечиктирбей, улам жаңыланып турган шарттарга жараша аракеттерди ишке ашыруунун бир гана жолу бар – **мамлекет ар адамга чарбалык жана саясий эркиндик берип, өз алдынча чечим кабыл алып, иш жүргүзүүгө жол ачып, мүмкүнчүлүк түзүп берүүсү.**

Албетте, бул чексиз эркиндикке айланбаш керек. Коомдун, элдин, Мекендин кызыкчылыгынан өйдө сезилген, алардан бийик көтөрүлгөн эркиндик өлкөнү кыйроого, элди-азапка салаарын турмуш канча жолу далилдеди.



Адамдарды буту-колунан байлап, турмуштун бүт түйшүгүн өз мойнуна жүктөгөн бир дагы бийлик, парламент, өкмөт, партия, уюм элин бүгүн багып кете албайт.

***Бул биринчи сабак.***

Ушундан улам чыккан тыянак-экономиканын өнүгүп-өсүшүн камсыз кылыш үчүн - борборлоштурулган, буйрукчул жетекчиликтен “базар экономика” мамилелерине өтүш керек. **Экономиканын өзөгү - пайда табуу, чыгашадан кирешени өйдө кылуу, сатып алуучунун кызыкчылыгын эң алдыңкы катарга коюу, өндүрүш наркын азайтып, буюмдун сапатын такай жогорулатуу.**

***Бул экинчи сабак.***

**Бул багытта мамлекеттин орду, таасири, милдети, жоопкерчилиги төмөндөбөй, тескерисинче - өйдөлөшүн дүйнөлөштүрүлүү - глобализация көрүнүшү өзү талап кылып турат.**

Түздөн-түз чарба иштерине кийлигишпей, бюрократияга аны муунтканга жол бербей, **салык, бажы төлөмдөр аркылуу чарбакерлерге колдоо, көмөк көрсөтүү, тышкы соодага аларды чыгарууну - биринчи милдет катары көрүү, сырттан түз инвестицияларды, жаңы технология, башкаруу, жетектөө (менеджмент) ыкмаларын алып келүүгө**

**толук шарт түзүп берүү,** айрым ички баалуулуктарды эл кызыкчылыгына ылайык тууралап туруу - мамлекеттин, бийликтин маанисин өйдө көтөргөн эң негизги милдеттери.

Көмүскө чарба жүргүзүүгө шарт түзүп бербей, аны чарбакерлерге кызыксыз, пайдасыз кылып, **коррупциянын дем алган абасын жок кылуу - бул дагы бийликтин эң башкы милдеттеринин бири болду.**

***Бул үчүнчү сабак.***

Өнөр жай багытында ири, элге маанилүү жана пайдалуу тармактарын мамлекет өз колунан, чечимдүү таасиринен чыгарбаш керек экен.

Мисалы, энергетика, тоо-кен, байланыш, жол тармактары.

Чарба иштеринин жүрүшүн иликтеп, баа берүүдө - **жаңы жумушчу орундардын түзүлүшү же кыскарылышы биринчи катарга коюулушу керек.** Айрым уюм, ишканаларда кыскарылышы мүмкүн, бирок **жалпы коомдо жаңы жумушчу орундары кошулуп турушу - туура жолдун белгиси.**

Мүлккө болгон ээликтен - анын өндүрүмдүүлүгүү, натыйжалуугу, пайдалуулугу, жаңыланып турушу өйдө коюлуп, маанилүү деп бааланышы керек. Менчикке берилген мүлктүн көбү иштебей турганынан эл эмне пайда тапты?



***Бул төртүнчү сабак.***

Бул максатка жетип, демократия жана базар экономикасына өтүп, аларды өздөштүрүүдө - **өлкөлөрдүн, элдердин баарысына бирдей ылайык болгон жол жок, болуусу да мүмкүн эмес экен.**

**Ар бир мамлекет жеринин, элинин, тарыхый басып өткөн жолунун өзгөчөлүктөрүнө ылайык, каада-салт, руханий баалуулуктарына шайкеш келген өз жолун гана табыш керек турбайбы.**

Бирөөлөрдүн жолун тураган - улам адашуудан башка ийгиликке алып келбегенине көзүбүз жетти го. Өз жолун таппай, элин азапка сала бербеш үчүн жетекчилер ыймандуу, алысты көргөн, талыкпай эмгектенген, чыгармачыл, изденүүгө жакын, тажрыйбалуу, уяттуу, намыстуу, эл ишеничинен чыкпаган калыс адамдар болушун турмуш өзү талап кылып туру.

***Бул бешинчи сабак.***

Дүйнөлүк экономиканын көп тармактарында Кыргызстан өнүккөн өлкөлөрдү эч качан кууп жете албайт, анын кереги да жок. Самолет, машине куруу, электроника жана башка көп тармактарын мисал кылсак болот.

Чектелген үч-төрт багытты кармап, ошолорго гана ылайык жаңы технология, жаңы жабдыктарды же

сатып (акча табылса), же түз инвестиция түрүндө алып келиш керек. Бул:

- айыл чарба продукциясын: сүт, эт, дан, тери, жүн, жашылча-жемиштерди толук иштетип чыгуу орто жана кичи кубаттуу чакан жабдыктар;

- орто жана кичи кубаттуу электр энергия иштеп чыгарчу ГЭСтер;

Дүйнөлүк соодага **булак сууларыбыз** менен кирүү маселесин бийликтин бүт тармактары аракеттенип чечсе, **жылына бир-эки миллиард доллар киреше алчудайбыз.**

Кыскасы, **ар кайсы жакка уруна бербей, бир-эки эле негизги тармакты кармап, ошолорду мамлекеттин аракети менен замандын талабына жеткирүү маселеси көңүлдүн борборуна алынса.**

Ишкер адамдардын колунан мамлекеттин колдоосуусуз бул маселе чечилсе да, өтө узак убакытты талап кылат.

Анча узак убакыт элибиз бүгүн күтө албайт.

***Бул алтынчы сабак.***

Албетте, өнүккөн өлкөлөрдүн жетишкендиктери алардын зор тажрыйба топтоп, жетекчилик багытында өтө бийик ишмердүүлүгүн, изденүү-чыгармачылдыгын, жыйынтыктуулугун далилдейт.

Демек, алардын тажрыйбасына көңүл буруп, берген кеңештерин угуш керек. **Бирок ошол**



**кеңештерди ишке ашырууда, өз алдынча ой жүгүртүп, өзүбүздүн шарттарыбызды сөзсүз түрдө эске албасак, жакшы кеңештери да жаман жыйынтык берип коюшу мүмкүн экен.**

Элибиздин бүгүнкү абалын эске алып, депутат, министр, губернатор, бөлөк жетекчилер арасында бой көтөрүп, манчыркап, куу чиренге жол бербеш керек.

Алардын басканына, турганына, сүйлөгөнүнө, иштегенине карапайым жөнөкөйлүк мүнөздүү болбосо - сөздөрү салмактуу болбойт, элди ишендирип, ээрчитип кете алышпайт.

***Бул жетинчи сабак.***

Саясий-коомчулук багытында төмөнкү сабактарга көңүл бурсак болот.

Мамлекеттин, бийликтин башкы милдеттери:

- Мекендин коопсуздугун камсыз кылуу;.

- демек чек арасынын Коопсуздугун;

- жана экономикалык-финансылык Коопсуздугун (тышкы карызга батып, башкаларга толук көз каранды болбогонду) камсыз кылуу;

**- эң башкы, эң негизги - руханий-маданият коопсуздугун: улуттун тилине, дилине, каада-салтына, руханий байлыгына сырттан сокку тийгизбей, аларды өстүрүп, өнүктүрүп, чыңап, тазалыгын, тереңдигин сактап туруу;**

- ички Коопсуздугун (улуттар арасындагы жана эл ичиндеги ынтымак-ырашкерликти, биримдикти) камсыз кылуу.

**Бул эң маанилүү, эң башкы максат деп айтсак болот.**

Ушул максатка жетиш үчүн мамлекет тарабынан элдин мүдөөсүн канааттандырган, элдин колдоосуна алынып, тилегине, үмүтүнө айланган, келечегине жооп берген, күчүнө толтуруп, чыңаган ойлор, көз-караштар, чечимдер турмушка такай ашырылып турса.

Улуттук идеология деп, руханий-маданий Коопсуздук менен экономикалык-финансылык коопсуздукту камсыз кылган, улутту, Мекенибизди өркүндөтүп ишке ашкан аракеттерди гана айтсак болот.

**Демек, улуттун көрөңгөсүн, уюткусун сактап, өзөгүн, арка-белин кармап туруу - эки көздүн карегин сактап турууга тете.**

Бүгүнкү дүйнөлөштүрүлгөн заманда эки көзүнөн айрылган мамлекетти ким болсо да каалаган жагына оңой жетелеп кете берет, керек болсо - аскадан түртүп жиберүүсү да мүмкүн.

**Бул - эң башкы, эң маанилүү сабактан чыккан жыйынтык, мезгил алдында Улуу милдетибиз, ыйык парзыбыз.**

Эл биримдигин чыңап, күч-аракеттерин чачпай,



чогултуп, бириктирип бир багытка буруш үчүн кыргыздарга отуздан ашкан партиялардын, миңден ашкан өкмөттүк эмес уюмдардын кереги барбы?

Булардын санын акыл-эстүүлүк менен азайтса болбойбу? Атаандашкандардын санын да экиден ашырбай, көпкө бөлүп-жарууга жол бербеш өзүбүздүн колубуздан келбейби?

Атаандашкандар көбөйгөн сайын элибиздин турмушу оңолсо - акыркы он беш жылдын ичинде Японияны кууп жетип алат элек го.

Баңгиликке, ичимдикке, чылым чегүүгө, кылмыштуулукка каршы бир эле курал бар: **балдарды тарбиялоо иши окуу ишинин алдына коюлуп, мектептердин, жогорку окуу жайларынын эң башкы милдети болуп, мамлекеттик саясаттын борборуна айланышы.**

Буга убакытты, акча каражатты аябаш керек. Аяп олтуруп, акыры коом 10-20 эсе көп жоготууга дуушар болуп жатат.

Тарбия ишинин көбү үй-бүлөдө чечилери жакшы белгилүү. **Ыймандуулуктун маанисин түшүндүрүп, аны чечмелеп, ага чакырып, үндөө - үй-бүлөдө, окуу жайларда, эмгек жамааттарында жүргүзүлгөн тарбия ишинин өзөгү болсо.**

Балдардын Мекенине, улутуна болгон сезими, мамилеси - эне тили, жер тарыхы, эл тарыхы аркылуу түптөлөт эмеспи.

Улуттук өнөрлөр: комуз, тил өнөрү, эпос-дастандар, улуттук оюндар бул сезимди бекем кармап, сактап турган Улуу күч.

**Саясий-коом багытында биз үчүн бул экинчи сабак десек болот.**

* * *

Батыш элдердин көп жетишкендиктеринен үлгү алып, өзгөчө - экономикалык ийгиликтерин өздөштүрүп, жетекчилик тажрыйбасын үйрөнүшүбүз - мезгилдин зарыл, кечиктирилгис талабы болду.

Бул багытта - чарбалык ишибизде, өндүрүш, соода жүргүзүшүбүздө, жетекчилик кылууда - кыргыз элине жаңылануу, жаңы көз-караш, жаңы мамилелерге өтүүгө мезгил келди.

**Бирок, бул иште батыш элдеринин кулк-мүнөзүн, дилин, салттарын, маданиятын, турмушка, адамдар арасында болгон мамилелерин куурчакка окшоп, же буту жаңы баскан баладай туурай бериштин кереги жоктур.**

Келечегибиз - ушул акыйкатты терең түшүнүп, колубуздан алдырбай, бекем кармаганыбызда.



# IV.
# Адамдын жан дүйнө абалы

Адам баласы Өмүр жолунда үчүнчү миң жылдын босогосун аттап өттү.

Өткөн мезгилде ал арбын ийгилик-жетишкендиктерге ээ болду.

**Дененин - Эт менен Сөөктүн** муктаждыгын канааттандыруу багытында тамак, кийим, жылуулук менен камсыз кылууда, жыргалчылыкты көрүп, ырахаттанууда (кумар оюндар, эс алуу, саякаттануу, ичимдик, баңгилик, сойкулук ж.б.) эбегейсиз бийиктикке жетти.

Саламатчылыгын сактоодо да зор ийгиликтерди жаратты: жугуштуу, адамды кырган ооруларды оздуктады (келте, чечек, безгек ж.б.), өмүрүн кыйла узарта алды.

Ушунун баары билим, илимдин өнүгүп, өсүп, жетишкендиктери менен келди.

Адамдын өмүрү бааланып, укуктары көтөрүлүп, коргоого алынды.

Адам коому - зомбулукка, зөөкүрдүккө негизделген түзүлүштөн, адам эркиндигине, укуктарына таянган өнүгүүсүнө жетти.

Бул ийгиликтер Адам баласы үчүн өтө кымбат турду: эки миң жылды талап кылды, канча жүз миллион адам уруш, талаш, чабыш, согуш жолдорунда курмандыкка чалынды. XX кылымда табияттын өзүнө да орду толгус зыян келтирилип жиберилди (жердин, суунун, абанын булганганы,



токойлордун кыйылып, жаныбарлардын кырылып жок болушу ж.б.)

Бүгүн бул жетишкендиктерге **цивилизациянын - жапайычылыктан аруулануунун - ийгиликтери, белгиси, көрсөткүчтөрү деп баа берилип жатат.**

**Денеге - Эт менен Сөөккө - Жан кошулганда гана ал Адам болуп, Адам деген түшүнүктү түзөт эмеспи.**

Жаны чыккан Адамдын кыймылсыз, сезимсиз Денеси, Сөөгү эле калат.

**Адам Дененин муктаждыгын өзүнүн Жанын сактап туруш үчүн камсыз кылат тура.**

**Бирок, Дене Жанды өзүнө батырган "идиш" гана болгондон кийин, Жандын өзүнүн талаптары канча канаттандырылып келди жана бүгүн Адамдын жан-дүйнөсүнүн абалы кандай?**

Эки миң жылдын ичинде эки Улуу Дин - Христиан жана Ислам - жаралып, түптөлүп, азаптуу, кандуу жол басып, калптанып, жетилип, бүгүн **эки миллиарддан ашык адамдын Жанына ишенич, таяныч, тазалануу, үмүт болуп турууда.**

Тарыхый жолунда Улуу Диндер Мамлекеттердин курамын түзүп, саясатын жүргүзүп, бийликтин башында болуп, адамзаттын тагдырын чечип келген кылымдар да өттү.

Айрым гана өлкөлөрдү эсепке албаганда, бүгүн дүйнө жүзүндө Дин күчүн, таасирин, ордун

төмөндөтүүдө (бирок - маанисин эмес, тескерисинче, мааниси өсүп, күчөп, бийик көтөрүлүүдө).

Басымдуу көпчүлүк өлкөлөрдө Дин мамлекеттен ажыратылып, анын ишине бийлик түздөн-түз кийлигишүүгө укуксуз.

Дин ишеничин тандоодо адамдар толук эркиндикке ээ болушту.

**Жандын муктаждыгын канааттандыруу багытында** Адам баласы руханий байлыктарды таап, маданият, чыгармачыл өнөрлөрдү өнүктүрүүдө зор ийгиликтерге жетишти. Ырлар, обон, күүлөр, сүрөт тартуу, бий, дастандар, адабий чыгармалар **Адамдын жанын азыктандырып, аны жаңылантып, тазалап, жапайылыктан Адамкерчилик, ыймандуулук, ырайымдуулук, кайрымдуулук, боорукердик, адептүүлүк, намыскөйлүк касиеттерге чакырып, тартып, сүйрөп, көтөрүп келди.**

*Өткөн мезгил артына,*
*Кайтпаганын карачы.*
*Бүгүн көргөн эртең жок,*
*Кубулганын карачы.*
*Өлүм сырын эч бири,*
*Таппаганын карачы!*
- деп Жеңижок айткан экен.

Денеге тиешелүү алты сезимди Адам баласы ченеп, өлчөй алса (алыс-жакын, ысык-суук, оор-жеңил, ачуу-таттуу ж.б.), **Жанга тиешелүү сезимдерди - сүйүү,**



**кубануу, кайгыруу, капалануу, арман болуу, уялуу, ачууланууу, өкүнүү, коркуу, ыймандуу, адептүү, намыстуу, кайрымдуу ж.б.у.с. түшүнүктөрдү - Адам баласы колу менен кармап, таразалап, ченеп, өлчөй албайт. Себеби - Жан өзү эмне экенин, анын сырын адамзат билбейт, аны дагы кармап, ченеп, өлчөй албайт. Жан сезимдердин баары – Адамдын жан дүйнөсү деген түшүнүктү түзөт. Адамдын бүт кыймыл-иштерин, жакшысын-жаманын Адамдын башы чечпейт. Адамдын мээси кыймыл-иш аракеттеринин мүмкүндүү жолдорун гана сунуштап турат. Акыркы чечимди Адамдын Жан дүйнөсү гана кабыл алат жана Денеси аркылуу (буту, колу, тили, кулагы, көзү ж.б.) иш жүзүнө ашырууга аракеттенет.**

Жан денеден чыгып кеткендин бышык белгиси - жүрөктүн токтогону болгон үчүн (жүрөктөн башка адамдын бир дагы мүчөсү муну дароо так белгилеп бербейт), **Жанды - Жүрөккө байланыштырып, Жан сезимдерди Жүрөккө тийиштүү деп: Жүрөктүн сүйүү оту, Жүрөктүн күйүтү, арманы, кайгысы деп айтып, Жан дүйнөнүн терең мазмунун Адам "Жүрөк" деген бир сөзгө камтып, түшүнөт.**

**Денени Жүрөк такай кармап, токтотуп, башкарып, ойлорунан өйдө турбаса - Дененин талаптары, муктаждыгы бат эле Өрткө айланып, Адамдын өзүн, Адамзатты дагы күйгүзүп, күлгө айлантып жок кылып жиберчү күчү бар экен.**

Атом, водород, нейтрон бомбалары, ракеталары, химиялык, бактериялык куралдары, СПИД оорусу, бангилик ж.б. бул сөзгө талашсыз далил.

* * *

Адамзат кийинки эки – XIX-XX кылымдарда илим аркылуу - өзгөчө салмактуу, өзүнүн жашоо шартын гана эмес, тагдырын бурган жетишкендиктерге ээ болду.

Бул ийгиликтердин **басымдуу көпчүлүгү Дененин муктаждыгын чечүүгө багытталган, адам баласына эбегейсиз күчтүү куралдарды берип, Табияттын өзүнө да коркунуч түзгөн мүмкүнчүлүккө жеткизди.**

Бул багытта Адам алдыга **миң кадам жасап жиберсе, Жан дүйнөнүн, Жүрөктүн өнүгүү жолунда сезимдүү жаңы кадам жасай албай, тескерисинче - артка чегингенсип туру.**

Мындай артка кетүүнүн негизги себептери төмөнкү болду:

- Илим, билимдин жана техникалык каражаттардын өнүккөнү Ааламга, жаратылышка, адамдар арасындагы мамилелерге болгон Адамдын көз карашын түп тамырынан өзгөрттү, "материализм" деген илимий окуу жолуна алып келди.

Табияттын сырын баарын ачып алабыз, Кудай жок, Кудайсыз эле жаратылышты багындырып жатабыз,



Айга учуп бардык, ал жерде да Кудайды көрө алган жокпуз деген тайкы, чолок ой-пикирлер күч алып, **Динге каршы иштер мамлекеттик саясаттын деңгээлинде ишке ашырылганы тескери жыйынтыгын берди.**

- Илим, билим, техниканын ийгиликтери Адам баласынын ой-сезимин чукул бурулушка алып келди. "Химия, физика, биология, техникалык илимдердин мыйзамдарын таптык, ал мыйзамдарды пайдаланып **жаратылышты каалашыбызча, Кудайы жок эле, баш ийдирип алабыз деген ишенич өкүм сүрдү.**

**- Диндер өздөрү көпкө бөлүнүп, жарылып, талашып, кайчы пикирлерге өтүп, XX кылымдын койгон көйгөйлүү көп маселелерине жооп таппай жатканы буга түрткү болду.** Мисалы, боюнан алдыруу, эркектер эркектер менен никелешүү, эркек аялдар арасындагы шарттуу никелешүү ж.б. талаштуу маселелерде Дин өкүлдөрү бир пикирге келалбай коюшту.

Эки миң жыл мурун Христиан дини жаралгандагы, бир миң төрт жүз жыл мурун Ислам дини жаралгандагы Адам баласынын жашоо шартын, билимин, ой-жүгүртүүсүн бүгүнкү, XX кылымдагыга салыштыруу болобу?

Илимдүү, билимдүү, эч нерсеге таңгалбаган, жыргал турмушта жашап, Кудай менен иши жок, XX кылымдын Адам баласы оңой эле ишене койбостур

эки миң жана бир миң төрт жүз жыл мурун жаралган эки Улуу Диндин айткан ойлоруна, чакырууларына, үндөөлөрүнө.

- Атап кеткен **жетишкендиктер Адам баласын адаштырып, алдап, Дененин мааниси, орду Жандан өйдө тургандай, андан бийик бааланганадай болуп көзүнө көрсөтүп, Жүрөктүн таасирин жокко чыгарып, кереги жок дегендей пикир-сезимге алып келди.**

Демек, адамдын Жан дүйнөсүнө, анын Жүрөк сезимдерине көңүл буруунун кереги деле жок дегендей пикир үстөмдүк кылып турууда.

**Уят, намыс, абийир, арман, Сүйүү, күйүт, ыйман, Адеп, кесир ж.б. Жанга мүнөздүү сезимдердин баркы түшүп, алар «эскирип», XXI кылымда Адамга кереги деле жок дегендей көз-караш күч алып барууда.-XXI кылымда Дененин керектүүсүн канааттандыруудагы жетишкен бийиктикке жараша Адамдын Жан дүйнөсүнүн тереңдиги, тазалыгы кошо көтөрүлбөй калганы руханий-маданий абалды оор кырдаалга алып келди, адамкерчилик баалууктардын баркын өтө төмөн түшүрдү.**

Бул көрүнүш бүгүн жалпы Адамзатка мүнөздүү, бирок - өтө курч - Батыш коомуна тиешелүү болду.

Денеге керектүүлөрдү өндүрүп, өркүндөткөн багытта Батыш бүгүн дүйнө жүзүндө эң алдыңкы катарда, эң бийиктикте. Бул талашсыз.



**Бирок, адамкерчилик касиеттерди жоготуп, аларды эң төмөн баалап, алардын ордуна Байлыкты, Дүнүйөнү, Акчаны, Пайданы, Мыйзамды, Билимди, Соттун чечимин коюп, Коомду ушуларга баш ийдирген жагынан да Батыш эң алдыңкы катарда, эң "бийиктикте".**

Ыйман, Уят, Намыс, Адеп, Абийир, Ырайым деген түшүнүк-сезимдер коомдо, Адамдар арасында, Маданият багытында өз маанисин, ордун жоготуп койгонго барып калды.

Алардын ордун Мыйзам, Келишим, Сот, Акча ээледи. Батыш ушул түшүнүктөргө сыйынып, ушуларды даңазалап, эң бийик баалап турган учуру.

**Батыштын баалуулуктарын алардын кинолорунан он жылдын ичинде жетиштүү көрдүк: Дене кумары, Байлык кумары, Бийлик кумары, Кара күчтүн Үстөмдүгү - уруп, согуп, атып, бычактап, кырып, өлтүрүп максатына жетүү.**

Батыш Коому сыйлаган, баш ийген, туу туткан, сыйынган байлыктар ушул.

**Ошол үчүн Батышты СПИД оорусу, баңгилик, сойкулук, кылмыштуулук, паракорлук, адепсиздик, ыймансыздык калың каптады, алардан оошуп он жылдын ичинде бизге да жетти, бизди дагы бузуп, булгап, ата-бабаларыбыздан калган Улуу адамкерчилик сапаттарыбызды талкалап, руханий майыптыкка сүйрөп, үндөп,**

6-лист

**түртүп, азгырып жатат.** Батыш коому Жанды унутуп, Дененин гана кумарына, талаптарына Адамды баш ийдирип, Жүрөктү муунтуп, **Мээ менен Дененин күчүн бириктирип, айбан кылбаган иштерди жасатып, руханий, маданий байлыктарды чиритип, сасытып, талкалап, Адам баласын эң күчтүү, эң Зөөкүр Жырткычка айландырып, Адам Адамды гана жеп жоготпой, Жаратылышты да курутуп жиберген эки буттуу, мыйзамдын артына жашынган, сылык сүйлөгөн Ажыдаар кылды.**

АКШ мамлекети 600 жаңы түрмө куруп, 600 миллиард доллар акча чыгым тартты. 500 миң адам СПИД оорусу менен катталган, алардын дарылоосуна жылына 5 миллиард 5 жүз миллион доллар акча каражат сарптап жатат.Кылмыштуулуктун 60 пайызы баңги заттарга байланыштуу болду.

1998-жылы Афганистанда 300 миң тонна апийим өндүрүлсө, 1999-жылы - 450 миң тонна, 2000-жылы - 700 миң тоннадан ашты.

Ушул көлөмдүн 90% - Батыш өлкөлөрүнө кетип, алар тараптан пайдаланып жатат.

Кыргызстанда 1992-жылы 260 кг. баңги зат кармалса, 2000-жылы 5 тонна колго түшкөн. Колго түшпөгөнү канча?

КМШ элдеринде жылына баңгиликтен кайтыш болгон адамдардын саны 20 миңден ашты, алардын басымдуу көпчүлүгү - 30 жашка жетпегендер.



Өнүккөн өлкөлөрдүн катардагы кызматчылары эмес, **баш бийликтегилердин арасындагы чыр чатактар уят, намыс, абийир, ыйман деген түшүнүктөрдүн жокко эсе болгонун жетиштүү далилдеп жатат.**

Клинтон менен Моника Левинскийдин чатагы, эки Германияны бириктирген Гельмут Кольдун айланасындагы акча чатагы, Түштүк Кореянын жетекчиси - Ро Дэ У, Пакистандын -Беназир Бхуттонун айланасындагы чыр, Франциянын мурдагы президентинин баласын камалышы жана башка көп белгилүү окуяларды айтсак жетиштүү болор.

**Ата-энелерин, балдарын бакпай тыштап кетүү, үй-бүлө өзү маанисин жоготуп баратканы, бирин бири алдап, соттошуп жүргөндөрдүн өсүшү - Батыш коомунун оор илдеттери күчөгөнүн көрсөтүп туру.**

Бул көрүнүштүн күч алганын кийинки он жылдын ичинде алыс жайгашкан Ала-Тоо аймагындагы кыргыз элине жеткен терс таасиринен байкасак жетиштүү болуп турбайбы.

* * *

**Коом байып, элдин турмуш-тиричилиги өйдөлөгөн сайын Адамдын руханий абалы да бийик болуп, адамкерчилик сапаттар кеңири жайылып, Уят, намыс, Абийир, Ыйман, Адеп, чынчылдык, калыстык, адилеттүүлүк,**

**акыйкатчылык өсүп, өркүндөп, күч алат деген ишенич Адамзаттын дагы бир чоң адашуусу болду.**

Батыш өлкөлөрү бай, бирок ичи кир, ыплас экени муну далилдеп туру.

Батыш коомун бизден эмне терең айырмалантат? Мунун тамыры эмнеде?

***Биринчи.*** Батыш коому жеке Адамды, анын кызыкчылыгын эң алдыңкы катарга коюп, эң бийик баалуулук деп эсептейт. Жамааттын, көпчүлүктүн орду андан төмөн бааланат.

**Базар экономиканын Батышта дүркүрөп өсүшү - жеке Адамга чексиз эркиндик берилип, анын жеке кызыкчылыгы эң бийик бааланганынан жаралган ийгилик болуп келатат. Адам өз иш-аракеттеринде Мыйзамдарга, Сотко гана баш ийет. Мыйзамдарга ылайык же Соттун чечими туура деп тапса - ыплас, адепсиз, уятсыз, адилетсиз, абийирсиз, булганыч иштерге жол ачык, ал кара иш болсо да, арам иш болсо да - Адал.**

Мындай көз караш Адамды чексиз изденүүгө, чыгармачылыкка, эркин ой-жүгүртүүгө, жаңы жолдорду, ыкмаларды табууга шыктандырат, чакырат, үндөйт, алып келет.

Бул чарба иштерде зор ийгиликтерди жараттырат.

Чыгыш элдеринде Базар экономикасынын өсүшүнө кыйынчылык жараткан шарт: Жамааттын, уруунун, көпчүлүктүн кызыкчылыгы дайыма жеке



Адамдын кызыкчылыгынан өйдө бааланганы, бийик турганы.

***Экинчи.*** **Коомдо эң бийик бааланып, эң өйдө коюлган - Акча,Байлык, пайда табуу.** Ушул өзөктүн тегерегинде айланып, ага баш ийген Мамлекет, Бийлик, Коом, ар бир Адам, Мыйзамдардын да, Соттун да көздөгөнү, камсыз кылганы - ушул Улуу Максат, ага жеткизген жолдор.

**Ошол үчүн Мыйзам адамкерчиликтен, ыймандан, намыстан, уяттан, абийирден өйдө коюлуп, өйдө бааланат.**

Чыгыш элдеринде Адамдын Улуу сапаттары: Адалдык, ыймандуулук, намыскөйлүк, абийирдүүлүк, калыс-адилет-акыйкаттык мыйзамдардан өйдө турат. Батышта Мыйзам жол берип, бирок ушул касиеттер жол бербеген иштерди Адам токтобой жасай берет.

Убал, Кесир, Арам, Каргыш, Cооп, Ыйман, Арбак, Уят, Абийир, Пейил, Бата, Адал деген кыргыздардын ыйык түшүнүктөрү Батыштын көп мыйзамдары уруксат берген иштерге тыюу салат.

**Ошону менен, адамдын Денесин Жүрөктүн таасиринен, үстөмдүгүнөн чыгарбайт, Жан дүйнөсүн булгаган, кирдеткен иштерге уруксат бербейт.**

Коомдун руханий тазалыгын, адамкерчилик касиеттерин сактап, жамандыкты ооздуктайт. Батыштын байлыгы аларга өтө кымбат баага турат.

Адамды бири-биринен алыстатып, бири-бирине кайраштырып, атаандаштырып, мыкаачылык, ырайымсыз мамиле кылууга муктаж кылат. Бирин-бири аябайт, бирин бири алдап, тебелеп, тепсеп эптеп байлыкка жетсе эле болду. Бир гана талап - Мыйзамды бузба (Бирок, чоң акчалуулар, бийликтегилер колунан келсе, мыйзамды айланып же аттап өтүп өз иштерин бүтүрүп алгандары да жок эмес).

**Дененин кумарын тизгиндеп, оздуктап турбаса ал Адамдын өзүн өрттөп, жок кылып жиберет.** Канча миллион адам алкоголик, наркоман болуп, өзүн токтото албай жылына кайтыш болуп жатат?!

Же болбосо, уурулук, кылмыштуулук, сойкулуктун айынан өзүнүн гана эмес, жакындарынын турмушун азапка салгандар азбы?

Берген сөзүнө бекем турбай, убадаларын аткарбай, сүйлөгөнү калп, эки жүздүү адамдар айланабызда көбөйүп баратканын жашыра алабызбы?

Жалкоо, бекерчиликтен чыга албаган, орой, адамдын көңүлүн сууткан, үй-бүлөсүн бакпаган, жоопкерчилиги жок адамдар денесин башкара албагандан, Жан дүйнөсү Намыс, Уят, Абийир, Ыйман деген касиеттерден айрылган үчүн, өзүнө да, элине да, Мекенине да пайдасы жок, Жарык дүйнөгө бекер эле келгендей болуп жүрүшпөйбү.



**Ыйманын жоготуп, Уятты унутуп, Абийиринен айрылып, Пейилин кеңейте албай, ачкөздүктөн, ичи тарлыктан, көрө албастыктан, эки жүздүүлүктөн ушак таратып, адамдарды бири-бирине кагыштырып, ортолоруна от жагып, мансап үчүн журтун сатканга даяр, кошоматчылыктан башы чыкпаган айрым кызматчы-жетекчилер элинин, Мекенин келечегин мите курттай жеп жатканы - алардын Жүрөгүн котур басып, Жан дүйнөсү көңдөй, ичинде эч бир ыйык сезим жок, элдин убалына калган эки бутту айбандар асмандан түшпөй эле, арабыздан чыгып жатканын эмне менен түшүндүрөбүз?**

**Мунун түпкү себеби адамдын Жан дүйнөсүнүн, Жүрөгүнүн тазалыгында же булганычында.**

**Адамды Адам кылган, Айбандан айырмалантркан Улуу Касиет - мээ сунуштаган мүмкүнчүлүктөргө чек коюу, ачууга, жамандыкка, ыпластыкка, ыймансыздыкка жол бербей, Адамкерчилик ыйык сапаттарды бекем кармап, алардан адашпай, Уятын, Абийирин, Намысын сактоодо.**

Бул багытта Адамды ийгиликке жеткизген бир эле сыйкырдуу күч бар:

**- Жүрөктүн тазалыгы, ички дүйнөнүн кенендиги, эрктин күчтүүлүгү аркылуу өзүн-өзү такай токтотуп, Ыймандуулуктун, Адамкерчиликтин чегинен чыгарбай кармап жүрүү..**

Демек, **эң маанилүү, эң башкы Адам касиети – мыйзамдар, мамлекет, бийлик койгон тыюулардан мурда, аларга жеткизбей эле өзүн-өзү чектеп, Адамзат тапкан Улуу руханий баалуулуктарды бузбай, аларга баш ийип, аларды сактап туруу.**

Батыш коому Адам баласына зор эркиндик берип, Ички чек коюну жокко эсе чыгарып, болгону гана Тышкы: мыйзам, соттун тыюуларын баалап койду. Ушуну менен, **Уят, Намыс, Абийир, Арам, Адал, Пейил, Ыйман, Калыс ж.б. Адамкерчиликтин ыйык белгилерин урматтабай, баалабай, сыйлабай, эске албай, баңгилик, паракорлук, кылмыштуулук, мыкаачылык, зөөкүрдүк, зомбулук, Адепсиздик, Абийирсиздикке кенен, даңгыраган жол ачып, Байлык менен Акчаны Адамзатты жутуп жиберчү Ажыдаарга айлантты.**

Азырынча бул жол Батышты алдыга алып чыгып жатат. Бирок, ошол эле учурда, улам тоскоолдуктар, нараазычылыктар күч алууда. Табиятты, адамдын, айбанаттардын укуктарын коргоо коомдору, партиялары мамлекеттердин саясатына таасирин күчөтүүдө.

**Бирок, Батыштын бүгүн бараткан жолунун узак мөөнөттө келечеги жок. Себеби, Батыш коомуна дүйнөгө чексиз кызыгып, азгырылуу, керектөөчү буюмдарга ачкөздүк менен тойбой, улам жаңы түрлөрүн талап кылып туруу мүнөздүү болду.**



Мындай чексиз дүнүйөкорлук алдым-жуттум саясатына адамды күл кылып, багынтып, өнүккөн 15 өлкөлөрдө жашаган бир миллиардка жакын адамдын жыргалчылыгын жер жүзүндөгү калган беш миллиард адамдын эсебинен, азабынан, жакырчылыгынан камсыз кылдырып (ошонун ичинде Кыргыз элинин эсебинен да) жатканы көп узабайт.

Мындай адилетсиздикти бир мезгилде Жараткан өзү эле теңдеп, түзөп коет.

**Чексиз дүнүйөкорлукту, дененин кумарын бир эле күч токтотуп, ооздуктай алат - ал Адамдын руханий бийиктиги, Жүрөк сезимдери, Жан дүйнөсүнүн тазалыгы, Ыйманы, Уяты, Намысы, Пейили, Топук кылуу касиети.**

**XXI кылым Адам баласынан илимий-техникалык өсүүдөн мурун ушул багытты маанилүү деп, Адамдын руханий ыйык байлыктарын өнүгүүсүн, бийик көтөрүлүүсүн, Денени толук Жүрөккө, Ыйманга баш ийдирүүсүн талап кылып турат.**

Мыйзам эмес, Адамгерчилик Ыйык касиеттерди коом эң алдыга коюп, эң бийик баалабаса - Адамзат алдыга жыла албайт, бир-эки кылымда жарга такалат.

Себеби, илимий-техникалык өсүш канча ылдамдыкта болбосун, Адам баласынын **чексиз** дүнүйөкорлугун, кумарын ал канаттандыра албайт.

Жер байлыктары да өзү чексиз эмес. Жер жүзүндөгү мунай байлыктар дагы 90 жылга, газ - 50 жылга, уран - 300 жылга, көмүр - 600 жылга эле жетет.

2010-жылы Адамдын саны 10 миллиарддан ашат. **Бул өзү жерге, сууга, абага, жалпы табиятка көтөрүлгүс жүк болоору бүгүн эле көрүнүп турат.**

**Бирок, эң алгачы, бул адам баласынын руханий, маданий өсүшүн талап кылган, Адамкерчилик касиеттерине тоодой жүк болгон, Адамзаттын тагдырын чечкен тарыхый сыноо болоору шексиз.**

Мына ушул кырдаалда, ушул дүйнөлөштүрүү мезгилде, ушул тарыхый сыноодо кыргыз элинин абалы, орду, жолу, аракети, тагдыры жөнүндө ар бир Улутубузга, Мекенибизге, өзүбүздүн балдарыбызга, өзүбүзгө кайдыгер эмес атуул ойлонууга мезгил жетти.



# V.
# Табигый жаратылышка төп келген көчмөн турмуштун улуу касиети жана таасири

Большевиктердин доорунда элибиздин үч муунуна "Көчмөн эл" деген сөздү "өнүкпөй, өспөй артта калган караңгы бир байкуш эл" деген мааниде гана чечмелеп, түшүндүрүп, каныбызга, акылыбызга ташка тамга чеккендей "басып" таштакан.

Ушул тайкы көз караш алигиче сезимибизден чыкпай, биз чын эле жапайы, отурукташпаган, балет, симфонияны билбеген, өнөр-жайыбыз жок, сабатсыз, малдын артынан ээрчип - демек бир байкуш, эптеп күн көрүп жүргөн кичи элбиз деген пикирге бизди дагы да бекем байлап жүрөт.

Ырас, моюнубузга албаганга айла жок: өнөр жайыбыз, кен иштеткен заводдор, шахталарыбыз жок эле, мектептер, ооруканалар кийин курулду, балет, симфония, опера дегенди кийин билдик...

Ушуга байланыштуу, терең ойлоно турган эки чындыкты айтпасак болбойт.

***Биринчиси.*** Сабаттуу, өнөр жайы бар, отурукташкан Европа элдеринде XIX кылымда чылым чегип, арак ичип, кылмыш иш жасап, түрмөдө олтургандары канча эле?

Кыргыздарда чылым чегип, арак ичүү кеңири 1950-жылдардан кийин тарай баштабадыбы, кайсы улут менен бизге кошо келгенин баарыбыз жакшы билебиз.

Кыргыздар үйлөрүнө кулпу салчу беле? Эч ким жок болсо эшикке таяк жөлөп койчу. Муну мен көрүп



калдым. Согуштан келген бирин-экин агайлар арак ичсе - элге көрүнбөй, жашынып иччү эмес беле?

Кыргыздар түрмө дегенди билчү беле? Кылмыштуулук айыл-кыштактарда болчу беле? Милиция деген бар беле?

Элибиздин Ыймандуулугу, Намыскөйлүгү, Адептүүлүгү, Абийирдүүлүгү тескери, натура иштерге жол берчү эмес. Эл ичинде богооздонгонду айтпай эле коеюн (бул ыплас көрүнүштү да кайсы улут бизге үйрөткөнүн жакшы билебиз), жаман, орой сөз айтылчу эмес, алдамай, кāлп айтуу деген жокко эсе эле.

Адамды айтпай эле коеюн, итти тепчү эмес, малды башка урчу эмес. Бирөөнүн намысына тийип, кемсинтүүгө тыюу салынчы. **Кыскасы, адамдар арасындагы мамиле өтө таза, өтө бийик деңгээлде болчу.**

***Экинчиси.* Өлкөнүн өнүккөнү, даражасы, улуулугу өнөр жай, илим-билим, отурукташкандык менен бааланса - анда эмне үчүн СССР бир жылдын ичинде тып-тыйпыл болуп, бытырап талкаланып, жок болду?**

Эмне үчүн СССР тарагандан кийин, анын 68% байлыгы тийген Россия, анын эли, он жылдын ичинде санын жылына бир миллион адамга азайтып жатат? (Россиянын тарыхында биринчи жолу согуш жок учурда элинин саны азайууда).

Элдин өнүккөн деңгээли, даражасы, бекемдиги, туруктуулугу эмне менен бааланганын өйдөдө айттык эле.

**Дегеле, адамзаттын өнүгүүсү эмне менен бааланыш керек?** Илим, билим, өнөр жай, техниканын жетишкендиктери менен болсо, анда бүгүнкү Батыш коому баарыбызга үлгү болуш керек экен да?

**СПИД оорусу, сойкулугу, баңгилиги, жылына өскөн кылмыштуулугу, адепсиздиги, уят-намыс дегенди билбегени, паракорлук-коррупциясы оошуп, жуга баштаганы жетишпейби бизге?**

Батыш коому үч кылымдын ичинде илим-техника-технология багытында жетишкендиктерин Япон эли 1945-жылдан, Кытай эли - 1970-жылдан баштап, Сингапур, Тайвань, Малайзия, Түштүк Корея элдери алардан кийин кыска мөөнөттө эле өздөштүрүп, Батыштан да ашып, алдыга чыкпадыбы?

Батыштан жаңы технология, менеджментти (чарба жетектөө жана соода жүргүзүүнү), жаңы жабдыктарды эле алып, 5-10 жылдын ичинде толук өздөштүрсө болот. Калган жаман жактарын жакын жолотпошубуз керек.

Ушул 5-10 жылдык мөөнөттө үйрөнүп, өздөштүрүп кетчү нерсе үчүн, ата-бабаларыбыз 2,5-3 миң жылдын ичинде тапкан руханий байлыгыбыздан, адамкерчилик Улуу касиеттерибизден кечип, кол жууп, жоготуп,



ыйманыбыздан, тилибизден, дилибизден айрылып, жырткычка айланышыбыз керекпи?

Улуу муундардан калган алтын мурастарды батыштын сырты жылтыраак, ичин дат басып, чирип бараткан калдыраган темирине алмаштырабызбы?

Күлүк тулпарыбызды алардын котур болгон көк эшегине айырбаштайбызбы?

Япон, Кытай, Корея элдери улуттук өзгөчөлүктөрүн жоготпой, каада-салт,үрп-адат, нарк-насилдерин сактап, Батыштан алчуларын алып, өсүп, өнүгүп, тоюнуп, ийгиликтери менен дүйнө элдерин суктандырып жатпайбы?

Буларды Үлгү кылып алсак болбойбу? Батыштын акылын угуп, мыйзамдарын туурап олтуруп, он жылдын ичинде Россия кандай абалга жетти? Биз үчүн бул чоң сабак болгон жокпу?

Ыймандуулукту, руханий дөөлөттү, намыс, уят, абийир, пейил, арам-адал, арбак деген түшүнүктөрдү эң бийик коюп баалабасак, базар экономикасы сел жүргөндөй баарын талкалап, алып кетчүдөй экенине көзүбүз жетелекпи? Он жылдын ичинде элибиздин көргөнү азбы?

* * *

Көчмөн турмуштун кайталангыс өзгөчөлүктөрү Адам коомуна берген таасирине көңүлүбүздү бурсак.

***Биринчи.*** Көчмөн турмуш Адамды өтө зарыл,

чектелген гана буюмдарды алып жүрүүгө аргасыз кылган. Артыкбаш, анча деле кереги жок, "ашка жүк-башка жүк" дегендерди тиричилик өзү бат эле четке кагып турчу.

Демек, **көчмөн турмуш артыкбаш дүнүйө-буюмдарга берилбеген, дүнүйөкорлуктан алыс, жөнөкөй тиричиликке көнүп, ошого топук кылган, ыраазы болгон улуттук мүнөзгө алып келген.**

***Экинчи.*** **Жөнөкөй турмуш-тиричилик өзү адамдарга да жөнөкөй, ачык, куулук-шумдукту билбеген сапаттарды мүнөздүү кылган, пейилин кенен, колун ачык карматкан.**

***Үчүнчү.*** Көчмөн турмуш (өзгөчө бийик тоолуу шартта) көп кырсыктуу болгон. Көчкү, сел, жер титирөөсү, суулардын киргени, бороон, шамал, аба ырайынын күтүүсүз өзгөрүлүп турганы бүгүн, XXI кылымда да шайыбызды кетирип, ээсибизди оодарып коюп жатат. А илгери кандай оор болчу эле? Демек:

**-адам артык баш жыйган дүнүйө-мүлкүнөн бат эле кол жууп калчу;** (кечкенде суу алып кетет, көчкөндө урунуп-сынат, же түшүп калып жоголот, же басып алган душманга олжо болот, же жут болуп, малыңды кырып кетет ж.б.);

- дүнүйө опаа болбойт, ал колдун кири, ага кул болсоң - өз башыңды жутат - деген накыл сөздүн чындыгына **адам жылына күбө болчу, өз көзү менен көрүп, моюну менен тартчу;**



- Байлыктын артына баш-оту менен кирип кеткендер бирде оңуп кетсе, бирде байлыгы менен кошо жок болуп кетчү (ашууда малы менен кошо көчкү басып, же сатыкка айдап бараткан жеринен каракчылардын колуна түшүп, же ылаңдап кырылып ж.б.). Канча дүнүйө жыйбагын, анын чектелген гана көлөмү өзүңө буюруп, калганы жукпайт. Ал адал жашаганыңа карата болот деген сөзгө көчмөн турмуш адамдарды толук ишендирип турган;

- табигый кырсыктар, татаал жаратылыш шарттар жалгыз адамды тез эле жок кылып салчу.

**Ошол үчүн, жамааттташып, урук-туугандар менен бирге болушту - Жаратылыш өзү талап кылчу. Демек, көпчүлүктүн, үй-бүлө, урук-тууган, жамааттын жалпы кызыкчылыгы коомдо эң бийик бааланчу, алдыңкы орунда турчу.** Жеке адамдын кызыкчылыгы ага баш ийчү, аларга салыштырганда төмөн бааланчу. (Батыш элдеринде бүгүн тескерисинче: жеке Адамдын кызыкчылыгы эң бийик, эң баалуу).

***Төртүнчү.*** Бороон-чапкындуу тез-тез өзгөрүлүп турган аба ырайынан тышкары, бийик тоонун жер шарты өзү кыйла татаалдыгы менен айырмаланганы жакшы белгилүү.

Талаага салыштыруу болобу? Талаада - кайсы жакка багыт алба - жолуң даяр. Тоодо туура жол таппасаң - азап тартып кайра келесиң. Өйдө чыгып, же ылдый түшсөң да - этияттыкты, кылдаттыкты, зор мээнетти талап кылат.

**Көчмөн турмуш адамдын ар бир кыймыл-аракетине, айткан сөзүнө бийик жоопкерчиликти талап кылат. Адам баарына жоопкерчиликтүү мамиле жасабаса - тез эле мүлкүнөн, малынан же өмүрүнөн айрылып калуусу мүмкүн.**

Шалаакы, жеңил ой, жоопкерчиликсиз менен кылган иш, айткан сөздүн азабын бат эле өзү тартып калчу. Жүгүн бош таңып, кечүүнү туура эмес тандап, суу каптаган же шамалдуу жерге конуп, аба ырайынын абалын байкабай ашууда калып, айдаган малын ит-кушка жедирип жана башка миң түркүн оор абалга учураган адам аргасыздан кемчиликтерин жоюуга мажбур болгон.

**Отурукташкан турмуш адамдын жашоо шартын кыйла жеңилдетип, кылымдар өткөн сайын табигый жаратылыштан, анын мыйзам-эрежелеринен улам алыстатып келген.**

**XX кылымда ушул себепке байланыштуу адам өзү да өзгөрүлүп, Кудай менен иши жок болуп, адамкерчиликтен, баарынан өйдө адам өзү кабыл алган мыйзамдарды коюп, уятын, ыйманын жогото баштаганы чексиз өскөн баңгилик, сойкулук, кылмыштуулук, паракорлук менен далилденип жатат.**

***Бешинчи.*** **Кырсыктуу, татаал табигый тоолуу шарттар өзү эле көчмөн элди улуу тарбиялык касиети менен адамкерчилик жолдон адаштырбай,**



**манчыркатпай, чирендирбей, кесирленттирбей, көптүртпөй, жөнөкөйлүккө тартып турчу.**

"Канча бай болсоң да, канча бийликтин башында турбасаң да - Табияттын алдында "сен алсыз бир кулсуң" дегенсип - "Өлүм алдында баарыңар теңсиңер" деп улантканасып, - Ажалды байдын да, кедейдин да көзүнө көрсөтүп турчу (Ашуу ашканда, таш кулаганда, жер көчкөндө, сел жүргөндө, суу киргенде, ачарчылык же жугуштуу бир оору каптаганда ж.б.).

***Алтынчы.*** **Көчмөн турмуш тиричиликти биргелешип, жамаатташтырып жүргүзүүгө мажбур кылчу.** Бирге көчүп, бирге жаңы конушка конуп, бирге малын жайып, бирге аны кайтарып, бирге отун алып, бирге жол жүрүп, бирге коргонуп - демек, кыйынчылыкта да, жыргалчылыкта да бөлүнбөй, бир болуп, баарын тең көтөрүп, жамааттык, урук-уруулук сезим үстөмдүк кылып турчу.

Ошол үчүн: "Бөлүнгөндү бөрү жейт"-деп, үч сөз менен ынтымак сакталып келген.

Күнөөсү чоң адамдын эң катуу жазага тартылганы - журттан, уруудан, элден куулганы болчу. Байыркы мезгилде бул өлүмгө барабар эле. Бөлөк урууга кошулса да (эгерде дагы кошсо) дайыма кулсуң, тентип келгенсиң деп небересине чейин кемсинтип, басмырланып өтчү.

***Жетинчи.*** Көчмөн турмуш талаачылыкка эмес, мал чарбага негизделгени да улуттук мүнөзгө зор таасирин берген.

Адамдын өмүрү, тагдыры түздөн-түз малга байланыштуу болгондон кийин, малга жакшы, аяр мамиле болчу. Минген аты, саан уюу - үй-бүлөсүнүн мүчөсү болуп калгандай эле сезилчү. Малың кысыр калса - азыркы заманда жумушсуз же банкрот болуп калганга барабар эле.

**Ушунун баары адамдын мүнөзүндө мыкаачылыкка, жырткычтыкка, зомбулукка орун берчү эмес.**

Мал эмес, малдын тоюту - чөпкө да сарамжалдуу, аяр мамиле жасалчу. Жайыттарды жайлоо, күздөө, кыштоо, жаздоо деп бөлүп, ыраатымен пайдаланчу. Чөбүн талкалап, такыр болгонго чейин мал жайып, чаң чыкканга жеткизчү эмес.

**Жыйынтыктап айтканда, көчмөн турмуш, өзгөчө татаал тоолуу шартта, элдин мүнөзүн ачык, жөнөкөй, куулук-шумдук, митайымдыгы, арамзалыгы жок, ишенчээк болгонго алып келген.** (Албетте, эл ичинен ар кандай адамдар чыккан, сөз - көпчүлүккө мүнөздүү сапаттар жөнүндө болуп жатат).

**Дүнүйөкорлук, байлыкка башы менен кирип кетүү,буюм, ыкыр-чыкыр жыйноо, турмушта ушунун баарын эң бийик коюп, баалоо - Кыргыздарга дегеле жат болгон. Адамкерчилик, Абийир, Уят, Намыс, Ыйман - эң бийик бааланчу. *Намысын жоготкондон - өлүм өйдө турчу.***



**Жолдор, көпүрөлөр жок кезде ат менен көчүп, жайы-кышы боз үйдө жашап, куурай, тезек жаккан турмушту көргөндөр калбай баратат, уккандар - унутуп, көчмөн турмуштун Улуу касиеттерин билбей, баалабай, аны караңгылык, эскилик, артта калгандык, жапайылык менен гана байланыштырып, улутубузга мүнөздүү жакшы сапаттарыбызды унутканыбыз кечиримсиз, көзү өтүп кеткен Ата-Бабаларыбыздын алдында чыккынчылыкка тете.**

Бул катабызды оңобосок - оңолоорубуз күмөн.

***Сегизинчи.*** Отурукташпаган көчмөн кыргыз эли шаар, имарат курууга мүмкүнчүлүгү болбой жашап келди. **Батыш элдерине окшоп, өзүнүн тарыхын, басып өткөн жолун, маданиятын шаарлардагы имарат, эстелик, чиркөө, музей, театр, окуу жана турак жай, китепканалар аркылуу сактап, муундан-муунга өткөрүп бергенге шарты болгон жок.**

Мындай кырдаалда, көчмөн турмуштун шартына ылайык, өзүнүн руханий байлыгын, маданиятын, тарыхын, дилин, тилин кыргыз эли оозеки чыгармачылык өнөр – санжыра, эпос, улуу, кичүү дастандар жана комуз, кыл кыяк, чоор, темир комуздун обон-күүлөрү аркылуу сактап, кылымдан кылымга белек кылып өткөзүп келген.

**Тил өнөрү, тилибиздин өзү нечен кылымдардын убагында өнүгүп, бийик үлгүлөрүн жаратып, адамзаттын руханий казнасына**

**салмактуу үлүшүн кошо алган - “Манас”, “Семетей”, “Сейтек” ж.б. эпостору аркылуу.**

Жүз миллион, бир миллиард адам саны бар калктар мындай ири эпос жарата албай, бир-эки миллион кыргыз эли жарата алганын өйдө айтылган себеп менен түшүндүрсөк болот.

Кулагы укпагандын көзү курч, көзү көрбөгөндүн - кулагы курч болгондой, көчмөн элдин тил өнөрү зор бийиктикке жеткен.

Мисалы, орус тилине төмөнкү сөз, сүйлөмдөрдү ким которуп бере алат: «элдин сугу өтөт», «чөптүн, суунун да убал-сообу бар», «кесирленбе», «адал жүр», «арам иш кылба», «пейилиңди кеңейт», «ыйманы жолдош болсун», «жарпы ачылды», «ырысын жеди», «назарын сындырды», «дили сууду», «үрөйү учту», «өркүнү өстү», «үзүрүн көрбөдү», «зээни кейиди», «зоболосу өйдөлөдү», «көөдөнү көтөрүлдү», «ышпалдасы кетти», «ажаты ачылды», «көшөргөн», «ызылдаган», «эргиген», «үлдүрөгөн», «алактаган», «эдиреңдеген», «шалактаган», «үксүңдөгөн», «ойсоктогон», «шөмтүрөгөн», «кылактаган», «мышмыйган», «ырсактаган», «үтүрөңдөгөн», «чыйпычыктаган» ж.б. көп сөздөрдү мисал кылсак болчудай.

Ошол эле учурда, оозеки чыгармалардын көлөмү гана эмес, ички байлыгы, маңызы, бийик адамкерчиликти даңазалаганы, улуу касиеттерге



үндөп, тарыхты, салтты камтыганы дүйнө элдерин суктандырып, таңкалтырып жатпайбы.

Кыргыздар соодагерлик, чайкоочулук кылган эмес, биреөлөргө багынып малай, кул болгон эмес, намысын, эркиндигин, Мекенин, абийирин эң бийик баалап, сактап келген эл болгон.

Ушунун баары эпостордун өзөгүн түзүп, маанисин терең үлгүлүү кылган.

***Тогузунчу.*** Көчмөн турмуш адамды жамаатташтырган, биргелештирген. Ушул багытта - эң алгачкы, үй-бүлөнүн ордун, маанисин зор кылган.

**Үй бүлө канча бекем, ынтымактуу көп мүчөлүү болсо - ошончо тиричиликтин орчулугун жеңгенге шарт түзгөн. Эки муун эмес, үч муундун өкүлдөрү бирге жашап, бир чарба күтүшчү.**

**Демек, коомдун бекем өзөгүн түзүп, чарбалык, тарбиялык мааниси менен үй-бүлө зор күчкө айланып, салтты бекем кармаган козголсуз күч болгон.**

Байыркы кыргыздарда жети эркек балалуу болгончо адам өзүн толук укуктуу журттун мүчөсү деп сезе алчу эмес. Төрт, беш балалуулар элине кам көрбөй, жоокерлерди камдабай, жеке турмушу менен эле ыраазы болгон деп каралчу.

***Онунчу.*** Отурукташкан элге катуу бийлик жүргүзүү, албетте, жеңил болгон. Ал эч жакка качып, кутулуп кете албаган. Европа элдери кандардын укум-

тукумуна улам энчилеп өтүп турган бийлигине кылымдар бою баш ийип келишкен.

Габсбургдар, Рюриковичтер, Романовдор 200-300 жыл бийликтин башында козголбой турушкан.

Европа элдери ошого былк этпей туруп беришкен. Кандын бийлиги чексиз болгон, (айрым учурларда дин өкүлдөрү менен гана бөлүшүп турганы болбосо).

**Кыргыздардын узак тарыхында мындай көрүнүш эч качан болгон эмес.**

**Баш бийликти дайыма эл шайлаган. Бийлик эч качан энчиленип атадан балага өткөн эмес** (Манас, Курманбек, Байтик, Шабдан, Балбай, Боромбай, Кубатбий ж.б. тарыхы буга далил). Бийлик өзү каада-салт, үрп-адатка баш ийген, алардан өйдө болгон эмес.

**Демек, кыргыздардын демократиясы байыркы, ыйманга, каада-салт, үрп-адатка баш ийген накта эл бийлиги болгон.**

**Көчмөн турмуштун шарты кандын бийлигин такай чектеп турган, себеби, кандын, анын жакындарынын абалы дайыма элдин пикирине, колдоосуна байланыштуу, көпчүлүктүн түз мамилесине көз каранды болчу.**

Кароолдо турган он эле жоокер түн ортосунда душманга жол ачып берсе, кан тагынан эмес, өмүрүнөн да ажырап калчу.



Анын үстүнө, **көчмөн турмуш өзү эл башчыларын такай оор сыноодон өткөрүп турчу. Элине өзүн курмандыкка чалгандан алыс, баатырлыгы аз, акылы мокок, өзүн эле ойлоп, келечекти көрүп, биле албаган канды оор турмуш өзү эле бийликтен четтетип турчу.** Анткени, көчмөндөр көп чыдап туралчу эмес, жаман башчынын алдында тез эле үй-бүлөңдөн, малыңан, мекениңен айрылып, күчтүүлөргө кул болуу коркунучу элди айласыз чечкиндүү кылган.

Көчмөн турмуштун шартында ар бир адам, үй-бүлө, уруу канга материалдык жактан көз-каранды болбой, өзүн-өзү багып турчу. Ал мезгилде пенсия, дотация, субвенция, кредит, кызмат абалын кыянаттык менен пайдалануу дегендер жок болуп, бийликке кошомат кылганга негиз да болчу эмес.

Ушуга байланыштуу, байыркы көчмөндөрдүн бир эле салтына көңүл бурсак. Ала кийизге көтөрүп кан шайлагандан кийин анын болгон малын, мүлкүн эл талап кетчү. "Кан таламай" деген сөз ошол салттан калган.

**Кан болуп шайланган адам байлыгынан ажырап, бийликти дүнүйө-мүлкүн көбөйтүүгө жумшабасын деген мааниде бул салт пайда болуп, бекем сакталып келген.**

Бийлигин жүргүзгөнүнө кандар эл алдында жооп бере электе, анын жообун турмуш өзү таразалап,

калыс баасын берип койчу. Эл турмуш берген баага күбө гана болуп турчу.

***Он биринчи.***

Отурукташкан элди эгерде чаап, багынтып алышса, **ал эч жакка үйүн, айдоосун таштап качып кете алчу эмес. Демек, эки-үч муун убакытта тилинен, дилинен, салтынан айрылып, баскынчылардын арасына сиңип кетчү.**

Алардан айырмаланып, көчмөн элдерди ким гана багынтып албасын, алар **көчүп жүргөн үчүн тилин, дилин, салтын сактап, баскынчылардын ичине сиңип кетпей, өз алдынчалыгын негизинен сактап калчу.**

***Он экинчи.***

Көчмөн турмуштун оор шарттарында аман калыш үчүн адам тынбай эрте таң аткандан караңгы киргенге чейин эмгектенүүгө аргасыз болчу. Малын жайгаштырып, отун суу камдап, кийим-кечек, курал—жарак менен тынбай алек болчу.

Демек, **оор эмгек, талыкпаган мээнет адам мүнөзүндө көп кемчиликтерге орун берчү эмес.**

***Он үчүнчү.***

Көчмөн турмуштун оорчулугу **үй-бүлөнү сактап, багууда аялзаттын ордун эркектердикинен кем кылбай, аларга тең кылчу.**

**Ушуга байланыштуу көчмөн элдерде аял кишини кемсинтүү, басмырлоо болгон эмес.**



**Турмуш өзү аял-эркектин теңдигин камсыз кылчу.**

***Он төртүнчү.***

**Көчмөн турмуш кулчулдукка мүмкүн берген эмес.** Такай көчүп жүрүп, кантип буту, колуна кишен салган кулду иштете аласың?

Ал өзү артыкбаш жүк болуп, эсиңди оодарбайбы.

***Он бешинчи.***

Көчмөн турмуш элди жамаатташтырып, уруу ынтымагын бекем кармоону талап кылган.

Демек, **коомдо бүгүнкү түшүнүктөрдү пайдаланып айтканда, социализмдин эң бийик туу чокусу орун алган: жетимдер, жесирлер, тентигендер (бомждар), сойкулар, уурулар, кылмышкерлер, жалгыз бой эркек, аялдар, кароосуз калган чал-кемпирлер, таштанды балдар болгон эмес.** Жесирлерди кайын ага-инилерине нике кыйып коюшчу, жетимдерди асырап алышчу, малы жокко туугандары чогултуп мал берип, боз үй көтөрүп, үйлөнтүп коюшчу. Себеби, уруу-туугандары намыс кылышчу, эркектер арасында жоготуу көбүрөөк болуп, эки-үч аял алган да ушуга байланыштуу болчу.

***Он алтынчы.***

**Көчмөн турмуш бат эле ким ким экенин аныктап берчү.** Кооз сүйлөп, убадаларды ашыра берип, ички дүйнөсү чирик адамдардын жүзүн тез эле ачып таштачу (бир-эки эл башына түшкөн кыйынчылык, сыноо жетиштүү болчу).

***Он жетинчи.***

**Көчмөн турмуш табигый жаратылыштын талаптарына адамдарды толук баш ийдирип, аларга ылайык турмуш-тиричилигин жүргүздүрүп, адамдар арасындагы мамилени, адам мүнөзүн түзөп, оңдоп, жаратылыштын, демек Теңирдин жолуна салып турган улуу касиети менен баалуу болгон.**

**Нечен миң жыл бою көчмөн турмушта жан сактап келген элдер анын улуу касиеттеринин таасирин канына сиңирип, салтка айлантып, тилине, дилине камтып келгени ырастоону талап кылбайт.**

Албетте, улам отурукташып калган көчмөндөр, 50-100 жылдын ичинде **өзгөрүлгөн жашоо шарттарга байланыштуу, мүнөзүн, дилин, салтын да өзгөртпөй кармап, сактай алышпай келатат.** Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Бирок, эң эле кеч отурукташкан кыргыз эли дагы да болсо көчмөн турмуштун Улуу касиети калтырган көз-караш, пикир, салт-адат, мүнөзүндөгү, дилиндеги таасирлерин толук жогото элек.

Улуттук мүнөзгө айланган көчмөн турмуштун артыкчылыктарын, өзгөчөлүктөрүн билип, эки миң жылдын убактысында чогултуп, түптөлгөн элибиздин руханий дөөлөтүн, өнөрлөрүн сактап келаткан чыгаан адамдардын алды бай-манап, кулак, молдолор деп



айдалып, жок болушту. Калгандары Ежов, Берия убагында атылып кетти, кийинкилерин Улуу Ата Мекендик согуш ажыдаар жуткандай аймап алды, андан кийинкилерин большевиктердин ур-токмогу казыктай жерге какты. Жыйынтыгында, жан-бакты, кошоматчы, Москва өкүлдөрүн өз элинен, мекенинен өйдө көргөн атка-минерлер улуттук касиеттерибизди тебелеп, тепсеп, борборго жагынайын деп, жок кылуу аракетин жүргүзүп келишти.

Кыргыздар жакында, 16 кылымда эле түптөлдү, кол жазмасы жок, маданияты төмөн, балет, симфония, операны билбеген, орус адабияты болбосо адам касиети деле жок мал мүнөз болуп жүрө берет эле дегендей дөөпөрөс ойлорун эки-үч муунга какылдап, какшап кулагына куюп жатты.

Улутубузга каршы жүргүзгөн мындай чыккынчылык саясат өз натыйжасын берди. Эне тилин, дилин, жердин, элдин тарыхын билбеген "киргиздер" элге орустун, батыштын маданиятын таңуулашты.

Эки миң жыл тереңдикке кеткен улуттук тамырларыбызды балта менен чапкан соң, эртеден-кечке батыш музыка, орус тил, чок баскан адамдай солкулдап, жулкунган ырчы-бийчилер бизди руханий майыптыкка тартып баратат.

**Улуттук улуу касиеттерибизден улам алыстаган сайын, батыштын котур оорулары -**

**сойкулук, ичкилик, баңгилик, адепсиздик, кылмыштуулук өзөгүбүздү жеп, каныбызды бузуп, акылыбыздан адаштырып,эрки жок ээрчимеге айлантуу аракетин жүргүзүп жатат.**

Ата-энесинин атын билбеген, өз өмүрүн жек көрүп жамандаган, өзүнүн атын унуткан кишиге жолуксак аны сыйлап адам деп эсептейт белек?

Кытай, япон, түрк, монгол, иран ж.б. элдердин алдында биз дагы өз атын унуткан кишиге окшош болуп бараткан жокпузбу?

***Он сегизинчи.***

Көчүп жүргөн адамдардын турмушунда акча, соода орун алган эмес. Негизги керектүүлөр менен эл өзүн-өзү камсыз кылчу. Жылына бир-эки жолу соодагерлерге жолугуп, тиешелүүсүн (туз, ширеңке ж.б.у.с.) малга, жүнгө, териге алмашып алышчу.

«Балаң бузулбасын десең базарга жолотпо» деп элибизде бекер айтылган эместир.

Акча өөн көрүнүп, кандай бир жамандыктын (азыркы баңги заттай) белгиси болуп көрүнчү.



# VI.
# Теңирчилик – кыргыздардын байыркы, ыйык руханий дөөлөтү

Эмки сөз - эң башкы, эң маанилүү улуттук руханий дөөлөтүбүз жөнүндө.

Адамзаттын өнүгүү жолуна Христиан жана Ислам диндери зор, тагдырлуу бурулуш киргизишти.

Ааламда - эң бийик Кудай, андан кийин - Адам. Жер жүзүндөгү жан-жаныбарлардын баарын Адам бийлейт, баары - Адамга баш ийиш керек деген ой жеңди (Христиан динге чейин Адам Жаратылышты өзүнөн өйдө коюп, Күнгө, Айга, Тоого, Шамалга, Суугa, Жерге сыйынчу).

Христиан жана Ислам диндери Ааламда Адамдын ордун, маанисин эң бийик көтөрүп (Кудайдан кийин, албетте), Адам кандай болуш керек, Адам Адамга кандай мамиле жасаш керек деген суроолорго жооп издеп, аны чечмелеп берүүнү, Кудайга сыйынууну негизги максат кылышты.

Эки миң жана бир миң төрт жүз жылдын арасында эки дин, алардын ичинде болгон талаш-согуштар көп адамдын башын жутту.

Ошого карабай, бул диндер **Улуу Адамкерчиликти, Ыймандуулукту, руханий-маданий байлыктарды сактап, ага үндөп, ага чакырган ыйык Күчкө айланды, Адам баласын жамандыктан алыс кармап, жакшылыктын жолуна үндөп турду.**

Бирок, **Батыш коомунун бүгүн өзөгү болгон көрүнүш - адамдын, анын жеке кызыкчылыгын эң**



**бийик коюп, Адамды жаратылыштан да өйдө баалоо - ага жырткычтык сезим пайда кылып, аны ыймандуулук, адамкерчилик касиеттерди унуттуруп, жалаң гана илим, билим, Акча, пайдага баш ийдиргенин түпкү себеби - ааламда Адам эң бийик деген көз-караштан чыгып, анын XX кылымга ылайык уланып-өнүгүүсү болду.**

Христиан дин жаралгандан кийин түптөлгөн элдердин аң-сезимине, аалам таануусуна Адам (Кудайдан кийин) баарынан өйдө, жаратылыштан да баалуу деген пикир эне сүтү менен кошо киргендей мүнөздүү болуп келди.

*Христиан динге чейин түптөлгөн байыркы элдерге (ошолордун ичинде - кыргыздарга да) бөлөк пикир, көз-караш мүнөздүү болуп, каада-салт, үрп-адат, нарк-насилине чейин терең кирип, бекем орун алып калган.*

Келинди отко киргизүү, арча менен алас кылуу, тушоо кесүү ж.б. көп ырым-жырымдар ошол байыркы замандан калып, бүгүнкү күнгө чейин сакталганы бул ойду далилдейт.

Ушуга тиешелүү, Теңирчиликтин өзөктүү жерине көңүл бурсак. **Теңирчилик адам баласын баарынан өйдө баалаган эмес. Жаратылыш - Кудайдын күчү, буйругу деп түшүнүп, адам өз өмүрү менен Жер-Суугa, Асман, Күнгө, жылдызга, тоого-отко, жан-жаныбарларга милдеттүү экенин баса белгилеген.**

Чолпон-Ата, Камбар-Ата, Ойсул-Ата, Манжыл-Ата,

Кочкор-Ата ж.б. көп ыйык жердин аттары, малдын пирлерине ушул күнгө чейин элибиз сыйынганы бул пикирди ырастайт.

*Демек, пир тутуп, мазар кылып, ыйык көрүп, сыйынган нерселеринин баары – Теңирдин Улуу касиети, күчү деген түшүнүктүн белгиси болгон.*

**XX кылымда Адамзат ар бир жаныбардын, гүлдүн, чөптүн, өсүмдүктүн Адам үчүн мааниси зор экенин түшүнүп, аларды сактап калуу аракеттери, абанын, суунун, жердин тазалыгын камсыз кылуу милдеттерин түшүнгөнү - Теңирчиликтин Улуу осуяттарына кайрылып келгенин көрсөтүп турбайбы.**

Ислам дини жаралганга чейин бир миң жыл мурун түптөлүп, журт болуп, эл болуп, Теңирчиликти терең аң-сезимине алып, каада-салттарына чейин сиңирген кыргыз эли ушул күнгө чейин дилин, жан дүйнө сезимин кийинки дин ишенимдерине бербей койгонун, аларды толук кабыл албаганын түшүндүрөт.

**Теңирчиликтин Улуу күчү XX кылымдын 50-жылдарына чейин кыргыздардын караңгылыгын эмес, тескерисинче, өнүккөн руханий бийиктигин ырастап, Ыймандуу, Намыстуу, Уяттуу, Адептүү, Абийирдүү кылып сактап, чылым чегүү, арак ичүү, баңгилик, паракорлук, сойкулуктан оолак кылып келген.**

Кыргыздардын руханий байлыгына, тазалыгына - улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо, кең пейилдигине,



адамдарга сылык, токтоо мамиле кылганына, кесир, убал, арам-адал, арман деген түшүнүктөрүнө өнүккөн батыш элдери дагы да болсо жете электигин качан билип, баалайбыз?

Түрлүү кийим кийип, көзгө көрүнүктүү, бирок даамы, күчү жок желдүү аш ичип, зуулдаган машине айдаса эле алар өнүгүп-өскөн болобу?

*Адамга, жаратылышка жырткычтык мамиле жасап, бири-бири менен соттошуп, алдап, сатып, сатылып, эркектер эркектерге "үйлөнгөнү" да өнүгүп-өскөндүн белгисиби? Биз ушул жактарынан үлгү алып, сойкулук, баңгилик, ичимдик, зомбулук, мыкаачылык, таш боордугун үйрөнөлүкпү?*

Мындай "үлгүлөрдүн" он жылдын ичинде "даамын" татып, ачуу эмес, уу экенине көзүбүз дагы жете элекпи?

Кылмыштуулукту, жумушсуздукту дагы көбөйтө берeликпи?

Ойлонолукпу же ойрон бололукпу?

* * *

**Теңирчилик - эң байыркы, биздин доорго чейин үч-үч жарым миң жыл мурун Волга дарыясынын чыгыш тарабында Азия талаа-толорунда көчүп жүргөн элдерде жаралып, адамдын руханий дүйнөсүн түзгөн Ааламга, Жаратылышка, Адамга тиешелүү түшүнүк, ишеним, көз-караш, ой-жүгүртүү болгон.**

**Теңирчилик диний ишенимдин чегинен чыгып, жеке адамдын жана коомдук турмуштун ар бир кадамында ордун алган каада-салт, үрп-адатка айланып, адамгерчиликти, ыймандуулукту жайылтып, жашоо шартын белгилеген. Теңирчиликтин башкы өзгөчөлүгү - анын осуят-жоболору жалаң гана көчмөн турмуштун шарттары менен ырасталып, бекемделип, далилденип турганы. Көчмөн турмуш - бул табигый Жаратылыштын талаптарына, мыйзамдарына ылайык, аларга каршы болбой баш ийип жашоо эмеспи.**

**Демек, Кудайдын буйругу, талабына баш ийип жашоо деп түшүнсөк болот.**

**Отурукташкан турмуш, өзгөчө орто жана жаңы кылымдарда, Жаратылыштын талап-мыйзамдарынан улам алыстатып, ага каршы, а түгүл - ага жырткычтык, айбандык мамилеге алып келип, адамды Кудайдын буйругуна каршы жолго түшүрүп, Адал жолунан адаштырып, ошого жараша - ар кандай адашуу диний көз-караштарга алып келген.**

Биздин доорго чейин бир миң-жети жүз жыл мурун жашап өткөн улуу ойчул Зароастр Теңирчиликти өзгөртүп, отурукташкан турмуштун шарттарына ылайыктап жаңы, кийин Зароастризм деп аталган динди негиздеди.



Далилдүү болуш үчүн, Санкт-Петербургдагы Чыгыштаануу Институттун бөлүм башчысы профессор С.Г.Кляшторный жазган китебинен (Алма-Ата шаары, «Рауан» басмаканасы, 1992-жыл, «Казахстан – летопись трех тысячилетий, II, 19, 20, 21, 22, 23, 24, 25, 28-беттери) кыска үзүндүлөрдү которбой, кандай жазылса, ошондой келтирсек жетиштүү болоор:

«...Заратуштра воспринял веру в ахур от своих **предшественников.** Очевидно, **он видоизменил эти верования**...». «...хотя **учение Заростра – развитие старой веры в Ахуру,** оно содержало много такого, что раздражало и тревожило его соплеменников...».

**«К наиболее древним, дозаратуштровским разделам Авесты принадлежат Михр-Яшты, согласно которым в горах Хара, откуда берут истоки Аму-Дарья и Сыр-Дарья, расположена обитель богов, прежде всего Митры, высокая гора Хара – горная страна Памиро-Алая и Тянь-Шаня».**

Бир миң жыл убакыттын ичинде (биздин доордун VII кылымына чейин) зароастризм байыркы перс империяларынын башкы, мамлекеттик дини болуп, **империялардын байлыгына жараша улам татаалдашып, миң түркүн ар кандай жасалма толуктоо, өзгөрүүлөргө учурап, жаратылыштан - демек Кудай жолунан абдан алыстап, ислам динге туруктуш кыла албай, ага басылып, багынып берди.**

Кыргыздар (дагы бир топ көчмөн элдер катары - усунь, гунн, кыпчак, түрк ж.б.) **Теңирчиликти таза, жөнөкөй бою сактап, кармап келишкен. Буга эң башкы себеп - Көчмөн турмуш жаратылыштын талаптарына төп келип, демек -Жараткандын күчү Теңирчиликти сүрөп, ага өмүр берип турганы болгон.**

*Зоолор урап сай болду,*
*Сайлар жылып тоо болду,*
**Аты калып, өзү жок**
*Канча элдер жок болду* - деп "Манас" эпосунда айтылгандай, кыргыздарга замандаш болгон нечен элдердин изи да калбай, а бирок кыргыз эли сакталып, азаттыкка жетип, дүйнөгө таанылып жатканын эмне себеп, кайсы күч менен түшүндүрсө болот?

**Буга эки себеп гана бар,** бири бирине чырмалышып, бири бирине ажыратылгыс сиңген:

**- Улуу Теңирчилик руханий дөөлөтү;**

**- Тоолуу шартта өмүр сүргөн көчмөн турмуштун касиети жана таасири.**

**Эки себептин күчү, түбөлүктүүлүгү - Теңирдин талап-мыйзамдарына каршы болбой, аларга ылайык, шайкеш жашап келгени.**

** **

Байыркы, үч миң жыл мурун көчүп жүргөн ата-бабаларыбыз таап, түзүп кеткен руханий дөөлөт -



Теңирчиликтин түпкү осуяттарына кайрылалык.

Ааламды, Жылдыздарды, Күндү, Айды, Жерди, Сууну, Тоону, Аба, Асман, Адамды, Мезгилди жаратып, кыймылдатып, жандууларга жан берип кайра алып, баарын билип, чечип турган Кудай асмандын жетинчи кабатынан буйругун жүргүзүп турат– деп ишенишкен.

**Кудурети күчтүү Кудайдын чеги жок, денеси жок, адам акылы аны түшүнүүгө алсыз, ал таза, түбөлүк, ыйык, сыйкырдуу, калыс, адилет деп ойлоп, айтышкан.**

**Кудай жаратып, анын буйругу менен кыймылдаган, бар-жок болгон Күн, Асман, Жылдыз, Ай, Жер, Суу,Токой, Аба, Тоо, От баарына бирдей, жандууну жаны жоктон ылгабай, адам-айбан деп бөлбөй, адамдарга улутуна, жынысына, жашы-карысына, кедей-байына, падыша-дыйканына карабай калыс, тең мамиле кылганы - Кудайдын баарына калыс, тең болгонун билдирет дешкен.**

Ата-бабаларыбыз сый-урматын көрсөтүп, Кудайды атынан айтуудан тартынып, тергеп, **адам таңгалып, жетпес Улуу теңчилигин белгилеп - Теңир** деп коюшкан.

Асмандын жетинчи кабатынан өз буйругун жиберип турган үчүн Көк Асмандагы Теңир, Көкө-Теңир деп кайрылышкан.

Жаратылышты, жер, суу, тоо, токойду Теңир жараткан үчүн, ага адам урмат-сый менен гана мамиле кылуу керек деп түшүнүшкөн.

Атүгүл, жан-жаныбарларды, курт-кумурскаларды, чөптү, ташты, куш-канаттууларды, Отту Теңир өзү жараткан үчүн, аларга сый, урмат, аяр мамиледе болуу зарыл деп ишенишкен. Адам өзүн алардан өйдө баалап, аларга каршы коюу - Теңирге каршы чыгууга барабар деп ойлошкон.

Адамдын оюн, сөзүн, ишин, өмүрүн, тилегин экиге бөлүшкөн - Теңир колдоп, жактырган – Адалга, Теңир колдобой, жолун туюк кылган – Арамга.

**Адамдын, суунун, жердин, чөптүн, малдын, кумурсканын, теректин ж.б. Убалы да, Сообу да болот деп терең ишенишкен.**

Арам иштин аягы жаман болот, адамга жукпайт, буюрбайт, кустурат, Адал гана буюруйт. **Адамдын кесири кайрылып келип өз башына тиет.**

**Теңир кечирбеген адамдын күнөөлөрү:** бирөөнүн өмүрүн алуу, же ажалына себептүү болуу, баш-аламан жыныстык мамиле жүргүзүү, уурулук, калп айтуу, чыр-чатак, уруш чыгаруу, бирөөнүн көңүлүн калтырып кемсинтүү, мазактоо, шагын сындыруу, ичи тарлык, ушак айтуу, көралбастык, арам ойлоо, адамга ишенбөө.

Адам күнөлүү болсо - ал сөзсүз жазага



тартылат, тиги дүйнөгө жетпей, бул дүйнөдө Теңирдин калыс өкүмүн көрөт. Өзү көрбөсө, балдары бул дүйнөдө күнөөсүн тартып, азап чегет.

Сыпайкерчиликтин түбү кор, дыйканчылык адал болот. Адамдын каны менен каргышы тукум кууйт. Каргыштан алыс бол, эч кимдин убалына калба дешчү.

Адамдын пейили тарыган сайын, Теңир кутун азайтып, мейли байысын, бирок бакыттан алыстатат.

«Ат жүгүрбөй, тап жүгүрөт, тап жүгүрбөй, бак жүгүрөт» деп, мансап талашпа, жүгүргөн албайт, буюрган алат. Дөөлөтүңө ишенбе, ал тоголок топтой томолонуп кете берет – дешкен.

Элде болсо тең болсун, тең болбосо көпчүлүктүн сугу тешип, өтүп кетет, арыз-муңу тукумуңду торойт, жолуңду бууйт.

Адамдын жаны чыкканда, ал асманга кетип, Арбак болот. Арбактар улуу, кайрылып келбейт, адамдар аларга барып кошулат.

Арбактарды унуткандын жолу ачылбайт деп ишенишкен.

Кайрылгыс сапарга кеткен адам тарыхка кошулуп, дайынсыз болду деген адашуу пикирге алданбайлык.

Чынында, арбактар ар адамдын келечегинде, аларга кошулаар күнүндө.

Калыс, Адилет, Теңчилдикти Теңир колдойт.

**Теңирчиликтин осуяттарын бекем кармап, Теңирге болгон ишенүүнү Ыйман деп түшүнүшкөн.**

Тиги дүйнөгө кеткен адамга бир эле каалоо айтылат: "Ыйманы (Теңирге ишеничи) жолдош болсун" деп.

* * *

Бардан жок, жоктон бар кылып, баарын жаратып, кыймылдаткан жалгыз Кудай өзү.

**Канча улут, канча диний ишенимдер бири биринен айырмаланбасын - Кудай бир. Адамдардын Кудайга баскан ишенич жолдору гана бөлөк - динине жараша.**

**Бул жолдор канча узак, татаал, эрежелештирилген, ийри-буйру болсо, ошончо адамды Кудайдан алыстатат.**

Өзгөчө, адам менен Кудайдын ортосунда адамдар өзү турса - пендечиликтин изи болбой койбойт.

**Теңирдин буйругу менен баарына тең жаратылыш гана адам менен Кудайдын ортосунда болгондо - анын ишенич жолу эң таза, кыска, күчтүү болуп, жашоо эрежесине, шартына айланат.**

Күн, Жер, Ай, Асман, Суу, Тоо, Токой бул дүйнөгө мейман болуп көз ирмемге эле келген



Адамдын түбөлүк жана ыйык жалгыз үйү эмеспи.

Адал жашап, Ыймандуу өмүр өткөзүү - **бул үйгө келгендеги тазалыкты сактап, таза жүрүп, булгабай, жаман сөз айтып, жаман иш жасабай, таза калтырып кетүү.**

Табигый Жаратылыш Адамдын ыйык үйү болгон үчүн Кудайга анын ишеничин түз, таза жеткизип турат деп байыркы ата-бабаларыбыз түшүнүшкөн.

Ааламды жаратып, ага толо сан жеткиз жылдыздардын баарын Алтын Казык жылдыздын тегерегине адаштырбай айлантып турган буйрук кимден?

- Кудайдан.

Жандуунун баарына жылуулук берип, жарык нурун чачкан Күндү көз ирмемге кечиктирбей чыгарып, көз ирмемге эрте батырбаган улуу күч кайдан?

- Кудайдан.

Кыштан кийин адаштырбай күз эмес жазды жиберип, жерге жан киргизип, көгөртүп, жандуулардын жалгыз башын эки кылып, баарын ойготуп, аракет кылдырган буйрук кимден?

- Кудайдан.

Курт-кумурска, бака-жылан, доңуз-чымчык, айбан-адам деп бөлбөй, ылгабай баарына тең, бирдей мамиле кылып, мээримин төккөн Күндүн,

Суунун, Жердин, Айдын улуу калыс-адилеттиги кимден?

- Кудайдан.

Кычыраган суукту - кайнаган ысык менен теңдеген, караңгы түндү жарык күн менен теңдеген, азапты - жыргалчылык, жаманды - жакшылык менен, кирешени - чыгаша менен, кайгыны- кубаныч менен, жаралууну - жоголуу менен теңдеген улуу өлбөс, өчпөс Теңчилик кимден?

- Кудайдан.

Барды жок кылган, жокту бар кылган, Ааламга ырааттулукту берген, түндөн кийин күн, жайдан кийин күз жиберген, жаштын баарын карыткан, жардыны бай кылган, байды кедей кылган - Улуу Адилеттүүлүк, Даанышмандык кимден?

- Кудайдан.

Мезгил менен аралыктын сыры кимдин колунда? Алар кимдин буйругуна баш ийип, кимдин өкүмүн аткарат?

- Кудайдын,- деп ишенишкен.

Жаратkандын жайы кайда? Ааламдын ары жагында, Асмандын жетинчи кабатында деп байыркы Ата-бабаларыбыз Көктөгү Теңир, Көкө Теңир деп тергеп айтчу экен.

**Теңирчилик - аалам тааныткан, адамдын, өмүрдүн сырын терең билип, ачып, түшүндүргөн, Кудайга жүрөгү менен ишендирип, кыргыздарды**



**үч миң жыл руханий тазалыкта сактап келген Улуу Касиет, Ыйык Билим, Жаратkандын колдоосу.**

Улуу ойчул, алп акын Жеңижоктун бир эле ырынан алынган үзүндүлөргө кайрылсак:

*Жети кабат Асманды,*
*Жайгаштырган ким экен?*
*Жансыз жаткан жер бетин,*
*Жашыл кылган ким экен?*
*Жердин бетин кут кылып,*
*Жер бетине жуп кылып,*
*Жан жаратkан ким экен?*
*Бирде Күндү көрсөтүп,*
*Кайра Түндү көрсөтүп,*
*Кыймылдаткан ким экен?*
*Асман, Жердин арасын,*
*Алыс кылган ким экен?*
*Күн нурун көктөн чачтырып,*
*Калыс кылган ким экен?*
*Боло турган тагдырды*
*Көрүп турган ким экен?*
*Акыл менен чечмелеп,*
*Бөлүп турган ким экен?*
*Өлгөндөрдүн жандарын,*
*Алып жүргөн ким экен?*
*Сандыгына чогултуп,*
*Салып жүргөн ким экен?*
*Ай, Күн, Жылдыз, Асман, Жер,*

*Буларды ким жаратты?*
*Учсуз, түпсүз асманга,*
*Жылдызды ким таратты?*
*Таңкы Сары жылдыздын,*
*Баткан жайы кайда экен?*
*Топ олуя биригип,*
*Жаткан жайы кайда экен?*

Теңирчиликтин Улуу, түбөлүк осуяттары элибизде ушинтип сакталып, жашап келген.

* * *

**Теңирчиликтин осуяттарын, айтканын көчмөн турмуш дайыма иш жүзүндө ырастап, алардын чындык экенин далилдеп келген. Себеби, көчмөн турмуш кыйын, татаал, кырсыктуу, жаратылыштын адам көтөргүс күчү менен кесирленген, көпкөн, манчыркаган, текеберленген, топук кылбаган чиренген, жеңил ойлуу, сабырсыз, элден чыгып бараткан адамдарды тизгиндеп, ооздуктап, этегинен тартып, азапка салып, акылына келтирип турган.** Көчкү жүрүп, сел каптап, жер титиреп, жут, ылаң болуп, бороон-чапкын, таш кулап, жылаан чагып, ат тээп, карышкыр, аюуга учурап, малы кысыр калып, кургакчыл болуп, кар калың түшүп, ашуулар жумалап ачылбай жабылып, суулар кирип, жоо күтүүсүз тийип, чагылган түшүп, аскадан учуп, мүдүрүлгөн аттан кулап жүлүнү үзүлүп, катуу шамал боз үйүн учуруп дагы көптөгөн табигый



окуялар молдо, мугалим, ажы, мыйзамдардан да күчтүү болуп, **Теңирдин жолунан адашып бараткандарды тез эле адал жолго салып келген.**

**Көчмөн турмуш Теңирдин осуяттарын түз, тез, кыйшаюусуз ырастап турганы үчүн кыргыздар 1940-1950-жылдарга чейин кылмыштуулук, бангилик, ичимдик, сойкулук, калп айтынуу, жаратылышка жырткычтык мамиле кылууну, чылым чегип, богооздонууну билбей руханий бийиктигин, тазалыгын, адептүүлүгүн, ыймандуулугун сактап келген.**

Эгерде дүйнөгө тараган бөлөк диндерди алсак, **алардын осуяттарын, көз-караш, чакырыктарын адам колу менен жасаган нерселер аркылуу ырастоого аракет кылат - китеп, сүрөт, имарат, ар кандай аспаптардын коштоосу менен ыр ж.б.** Кийинки мезгилдерде турмуш өзү да ал осуяттардан алыстап бараткыны байкалат. Демек, **дин адамдардын жашоо шартына дагы да болсо айлана элек.** Эки жарым миллиард адам христиан жана ислам динин кармаганы менен, алардын күнүмкү турмушунда кандай гана терс, арам, Кудайга жакпаган иштер жасалып жатат...

**Теңирчиликтин күчү - жашоо шарты өзү адамдарга насаатчы, окутуучу, тарбиячы катары, молдо, ажылардын милдетин аткарып, Теңирдин Адал жолунан адаштырбай кармап турганы.**

Мечит, чиркөөсү жок эле **ар бир көчмөн түздөн-түз Теңирге кайрылып,** жалынып, ишеничин ортомчусуз, далдалчысыз билдиргени - **жан дүйнөсүндө Кудай терең ордун алганын көрсөтөт.** Бул - ар диндин башкы жана негизги максаты эмеспи.



# VII.
# Сөз аягы

Адамзат бактылуу турмуш куруу жолунда коомдун өзөгүнө падышалардын чексиз бийлигин, динди койду, кийин парламенттик түзүлүшкө өтүп көрдү. Жаңы жол издеп, ага илимий негиз куруп – марксизм, ленинизм, монархизм, абсолютизм, либерализм, консерватизм, атеизм, социализм, демократизм, коммунизм ж.б. кулдук уруп, туу кылып, коомдун пайдубалы деп жар салган кылымдар өттү.

Экономикада алдыга жылууга жетишкени менен, адам арасында мамилелерде, руханий багытында абал жакшырган жок.

**Улуу, кичүү диндер кеңири тараганы менен, адам баласынын азабын азайта албай, терс көрүнүштөрдү: бангилик, терроризм, экстремизм, сойкулук, кылмыштуулук, уурулук, адепсиздик, ырайымсыздык ж.б. тизгиндеп алалбады. Ыйман кача баштады.**

Фашисттик Германия, милитаристтик Япония, коммунисттик СССР - **баары экономикасы начарлагандан кыйраган жок.**

**Адамга, коомго, элге, турмушка, динге, салтка, Кудайга болгон көз-караштарынан адашып, тескери жолго түшүп, Теңирдин мыйзам-талаптарына карама-каршы келген үчүн кыйрашты.**

Кудай Адамга дене берип, ага жан киргизип, жарык дүйнөгө жаратып, алдына булак суусундай таза,



көз уялткан кооз, сөз жеткиз сулуу Жерди төшөп берет экен. Мындан артык бейиш болобу? Аны азапка айланткан Адам өзү. Азап айдан, күндөн, жерден, суудан келбейт, Адамдын өзүнөн - ички дүйнөсүнүн булганычынан тарайт.

Адамдын жан дүйнөсүндө көрө албастык, ичи тарлык, ач көздүк, дүнүйөкорлук, арамзалык, эки жүздүүлүк, жеке кызыкчылыгын элден, жерден, суудан өйдө коюу пайда боло баштаганда эле өзүнүн өмүрү тозокко айланып, айланасындагыларды азапка сала баштайт.

Таза, калыс, жаратылышка жараша Адам өзүнүн рухун таза сактай албаса - Кудай аны акылына келсин деп, азап жиберип, акылга көнбөгөндү акыры азапка көндүрөт турбайбы.

Ыйманын качырган Адам табигый жаратылыштын ак дасторконун кир өтүгү менен басказсыган үчүн Теңир аны жазага тартат окшойт.

Канча көп Адам Теңирдин жолунан адашса, ошончо коом азаптуу болоору ушу себептен болгонсуйт.

Адамдын чыныгы бактысы - элдин бейпил, бакыбат турмушунан кийин келген бакыт.

Мындай турмушка жетелик десек капитализм, атеизм, консерватизм, демократизм, коммунизм, абсолютизм, социализм, традиционализм, парламентаризм, либерализм, марксизм, плюрализм

ж.б.у.с. алданбай, **эки жарым миң жыл өнүгүп, өсүп, бийик Ыймандуулукка жетип, Тарыхтын баардык сыноолорунан аман өткөзүп, сактап келген Улуу Теңирчиликтин жолуна түшүп, анын ыйык осуяттарын туу кылып кармашыбыз керек.**

Акылыбыздан адаштырып, каныбызды бузган арактан алыстап, улутубуздун руханий дөөлөтүнүн баркына жетип, кеңири жайылтышыбыз керек.

Кичи элбиз, артта калдык, байкушбуз, мунай-газыбыз жок ж.б.у.с. сөздөрдү токтотуп, байыркы ыймандуу, тарыхый жолубуз зор, Теңирчиликти таап, сактап, аны жашоо эреже-шартка жеткизгенбиз деп, жер карабай, келечегибизге жаңы дем, жаңы эрк менен аттаныш керек.

**"Улуу" Россия өлкөсү кылып жаткан улуу каталарды жерибиз да, элибиз да көтөрө албайт.** Согушу жок эле кийинки он жылдын ичинде орус калкынын саны жылына бир миллион адамга азайууда, эки миллионго жакын кароосуз көчөдө калган балдар, андан ашкан наркомандар, жума сайын СПИД оорусу менен катталгандардын саны миңге жетти, үч миллиондон ашык кайыр сурагандар, үч миллион - үйү жок тентип жүргөндөр (бомждор), бир миллион үч жүз миң сойкулар, бир миллион учук менен ооругандар...

Дан эгин аянты 59 миллион гектардан 45 миллионго чейин төмөндөдү, бодо малдын саны 19



миллионго азайды, жылына Россиядан 20 миллиард доллар акча сыртка алынып кетүүдө. Натыйжада, жалаң эле Германия ар жумада Россияга сегиз миң тонна эт сатып турат, андан тышкары этти Украина, Беларуссия, Кытайдан да айла жоктон алып жатышат.

Албетте, мунун баары акылмандыктын белгиси эместир. **Алты миллиард дүйнө жүзүндөгү элдин эки гана пайызын түзгөн орус калкы жер жүзүндөгү жаратылыш байлыгынын отуз пайызына ээлик кылган үчүн тагдырына эркелеп жаткандыр...**

Бирок, бизде андай мүмкүнчүлүк жок.

**Россиянын жолу менен жүрүп олтуруп кайсы абалга келгенибизди турмуш өзү көрсөтүп турганы жетишпейби бизге?**

Коңшу өлкөлөрдүн баары менен ынтымакта болуп, кызматташуубузду, албетте, бекемдешибиз керек. Бул талашсыз. Бирок, азаттыкты Теңир элибизге бөлөктөрдү ээрчип, туурап, жакпаса да, жукпаса да, жарашпаса да кылганын кылып, ого бетер жолуңардан, акылыңардан адаша бергиле деп буюрду беле?

**Тарыхта кетирген каталарыңарды оңоп, улуттук дөөлөт: тилиңерге, дилиңерге, өнөрүңөргө, улуттук артыкчылыктарыңарга, каада-салт, үрп-адаттарыңарга бурулгула, таянгыла, жериңердин шартына жараша доордун талабына ылайык акыл-эстүүлүк менен өз жолуңарды тапкыла деп буюрбады беле?**

**Ички дүйнөңөрдү бузуп, жан дилиңерди булгаган, эркиңерди жоготуп, жанбакты, кошоматчы кылган, боштондук сезимиңерди талкалап, ээрчимеге айланткан, буту колуңарды тушап, көзүңөрдү байлагандын баарынан кутулгула, тазалангыла, намыска келгиле, ойлонгула, камчыңарды кесе тиштеп, билегиңерди түрүп, белиңерди бууп, ишке киришкиле, ата-бабаларыңарды уят кылбагыла дебеди беле?**

Өз атын унутуп, өзүн билбеген адам кулдуктан башка эч нерсеге жарабаганын турмуш жетиштүү көрсөтпөдүбү.

Ушуга байланыштуу, эркин жоготуп, акылынан адашып турсун деп атайын элибизди ичкиликке көндүргөн саясат жүргүзүлүп келбедиби.

**Ичкиликке берилген адамга Ата-Мекен, Эл, Журт түгүл, өз үй бүлөсү, өз өмүрү да арактан төмөн бааланып калгандан кийин андан эмне жакшылык күтсө болот?**

Адамдын жан дүйнөсүн булгап, ыйманынан ажыраткан, адепсизге, жалкоолукка, ырайымсыздыкка, мыкаачылыкка, кылмыштуулукка, дүнүйөкорлукка, уятсыздыкка, бекерпоздукка сүйрөгөн батыштын кинолору, китептери, ураан-чакырыктарынын **башкы максаты - бизди, балдарыбызды адал жолдон адаштырып, жамандыктын сормо сазына алдап барып жок кылып, жер байлыгыбызды, Мекенибизди оңой жол менен тартып алуу саясаты болуп жатпайбы.**



**Элибиздин кызыкчылыгын камсыз кылып, азаттыгыбызды коргойбуз десек, эң алгачы - чарба багытынан мурун руханий абалыбызды, улуттук дөөлөтүбүздү, эркибизди, ыйманыбызды, тилибизди, дилибизди, дитибизди, адат-салттарыбызды бекем кармап, сактап турушубуз керек экен.**

Элдин келечегин, эртеңки тагдырын, анын тарыхый жолун байыркы муундар жыйнаган улуттук руханий-маданий дөөлөт чечип, белгилейт турбайбы.

**Улуттун тили, дили, салты, үрп-адаты, өнөрү эл тагдырын чечүүдө үрөөнгө, үрөөндүн сапатына барабар экен.**

Үрөндү бузуп, булгаса, сапаты төмөндөсө - тукум да, түшүм да начарлап, жок боло баштаганын ар бир дыйкан өз тажрыйбасынан жакшы билет.

Тазаланбаган үрөн - түшүмдүн ордуна отоо чөп берет.

**Демек, өз келечегин ойлогон эл - тилин, дилин, маданиятын, руханий дөөлөтүн, адат, салттарын - улуттун уюткусу, көрөңгөсү, үрөнү деп таза, бекем кармап турганы - Улуттун тагдырын чечип, багын ачкан сыйкырдуу ачкычты жоготпой, түбөлүктүү сактап алганына барабар экен.**

Уюткуну иритпей, көрөңгөнү суюлтпай, үрөндү начарлатпай жашоо - Улут алдында ар бир муундун милдети, парзы, түйшүгү.

Элдин жүрөгү күчтүү, жан-дүйнөсү таза, терең болсо - эң оор сыноодон ийгиликтүү өтөөрү бышык.

**XXI кылымдын, дүйнөлөштүрүү күч алган замандын жаңы талабы - тарыхый басып өткөн жолдо түптөлгөн, калыптанган улуттук өзгөчөлүктөрдү таза кармап, бекем сактап туруу.**

**Дагы бир талабы - экономиканын, эл чарбасынын абалын кечиктирбей көтөрүү. Бул үчүн өнүккөн өлкөлөрдүн бай өндүрүш, соода тажрыйбасынан ылайыктуусун алып, алардын жаңы технология, жаңы жабдыктарын пайдалануу.**

Бул эки талап - эки көзгө барабар.

Көзү ачылган адам - жолун таап кетээри шексиз.

Элибиздин максаты (улуттук идеологиясы) - жумулуп бараткан эки көздү ачып, өз жолубузду таап кетүү.

Бул максатка жетип, Мекенибиздин намысын бийик көтөрүүдө өзүбүздүн колубуздан келген аракет - **тарбия ишин мамлекеттик саясаттын өзөгү кылуу.**

Батыштын таасири канча миллиард доллар каражат менен камсызданып жатканын эсибизден чыгарбасак.

XXI кылымда илимий-техникалык жетишкендиктер адамга керектүүлөрдүн баарын өндүрүп, камсыз кылууга алып келди.



**Эми эң башкы максат:**

**- адамкерчиликти, ыймандуулукту "өндүрүп", камсыз кылуу.**

Улутубузду сактап, экономикабызды оңоп кетчү эреже - ушул талапты турмушка ашырууда.

***Март айы 2001-жыл.***

Ушул китепченин басылып чыгарылышына каражат бөлүп, дөмөөрчү болгон "Евразия-Лес" фирманын директоруна Турдумалиев Сазыкбай Абдрахмановичке терең ыраазычылыгымды билдирем.

***Д.Сарыгулов***

Китепче айтылган ой-пикирлерге байланыштуу көз-караштар, ой жүгүртүүлөр болуп калса алар менен таанышуу мен үчүн өтө маанилүү болот эле.

Алар төмөнкү дарекке жиберилсе болот:

***Бишкек ш., Главпочтамт до востребования***

***Турдумалиеву С.А.***

Ваши отзывы и замечания
по данной брошюре просьба присылать
по адресу: г. Бишкек, Главпочтамт, 720000,
до востребования предъявителю паспорта А1321577

**Дастан Сарыгулов**

**Теңирдин жолунан
Адашкан Адам**

Авторское издание

Подписано в печать 4 мая 2001 г.
Формат издания 60х84/16
Гарнитура Arial. Печать офсетная.
Объем 8,75 п.л. Тираж 3000 экз.
Отпечатано в ОсОО "Сүрөт-Басма-Салону"
тел. 66-48-60

2